**КЫРГЫЗРЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУКИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Б.ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯЛЫК**

**СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңешД.09.14.ОО3

Кол жазма укугунда

УДК:13О.1 (575.2)(О43.3)

**ТАГАЕВ БЕГАЛЫ**

# Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ НАЗИКТИКМАСЕЛЕСИ

**Адистиги:09.00.11. –** социалдык философия

**философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2015**

pdfelement

**Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдеракадемиясынынФилософия жана саясый-укуктук изилдөөлөр институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.**

**Илимий консультанты:** КР УИАсынын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор **Аскаров Тендик Аскарович**

**Расмий оппоненттери:** философия илимдеринин доктору, профессор **Бөкөшев Жамгырбек Бөкөшевич**

философия илимдеринин доктору,профессор **Алиева Гулсара Мидиновна**.

философия илимдеринин доктору, профессор **Кулназаров Арстан Карамырзаевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана социалдык гуманитардык илимдер кафедрасы

Диссертацияны иш 2015-жылдын 24-апрелинде саат 12.ОО доКыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктукизилдөөлөр институту менен Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык славян университетининалдындагы философияилимдеринин доктору (кандидаты) жана культурология илимдеринин кандидатыокумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.О9.14.ООЗДиссертациялык кеңештин жыйынында корголот.(Дареги: 72ОО71, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.).

Диссертация менен КРУИАнын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. (Дареги: 72ОО71, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265- а. БИК)/

Автореферат 2О15-жылдын 23- мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**философия илимдердин доктoруСтамова Р.Д.**

pdfelement

# ЭМГЕКТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Иштин актуалдуулугу.** XX кылымда адамдын кыял-жоругу, жүрүм-туруму анын жалпы мүнөзүндөгү эң негизги көрүнүш катары өтө чоң мааниге ээ боло баштайт.Адам баласынын бул моралдык-нравалык алдыңкы сапаттарынын баарын көркөм-эстетикалык көз караштан кыраакылык менен чагылтуу муктаждыгы жаралат.Бул маселелер жазуучуну жалпы элдик, жалпы адамзаттыкидея катары терең тынчсыздандыра баштайт. Мындай улуу идеяны ишке ашырууда Ч.Айтматов коомдун эстетикалык-этикалык, рухий-интеллектуалдык жана социалдык-философиялык проблемалары менен бирге турмуштун бүгүнкү татаал кырдаалын терең чагылтуу үчүн корстуктун (грубость, насилие) карама каршысы назиктик маселесине кайрылат. Дүйнөнүн сулуулугун назиктиги менен бирге кабылдаган жазуучу анын жалгыз «сулуулук закону» боюнча гана жашабастан, назиктик чен-өлчөмү боюнча да жашагандыгын көрүп, назиктик принцибининда бар экендигин аныктайт.Бул анын **жалпы көркөм чыгармачылыктагы ири ачылышы** болчу. Бирок, анын (назиктиги) эзелтен беритурмуш-тиричиликтинбардык тармактарына таркап жайылып же жайылтылып келбестен, кандайдыр бир себептерге байланыштуукенен таанылбай келгендигинаныктайт.Байыркы антикалык доордон кийин,назиктик маселесиатактуу эстетиктер менен көрүнүктүү философдордунэмгектеринен айкын байкалбаса да,сырткы дүйнөдөгү реалдуу предметтердин баарына мүнөздүү экендигин көрүп, анын объективдүү дүйнөнүнсулуулугу мененэриш-аркак жашагандыгын түшүнгөн жазуучу алгачкылардан болуп **назиктиктин объективдүү дүйнөдөгү реалдуу орду менен принцибиначып,**аны өз чыгармачылыгында турмуштун бардык сферасына жайылтууну көздөйт. Жазуучунундүйнөтаанымындагыбул маселе адам баласынын ички дүйнөсүндө эле эмес, сырткы объективдүү дүйнөдө да, жаратылышта жашаган предметтердинбаарынын сулуулугу менен асылдыгына мүнөздүү көрүнүш экендиги айкын болуп калат.Бирок,назиктиктин жаратылыштагы бул принцибин коомдон да көргөн жазуучу жалпы объективдүү дүйнөдөгү жан-жаныбарлар, канаттуулар, өсүмдүктөрдүн, жандуу-жансыз көрүнүштөрдүн, предметтердин баарын туура кабылдап, туура баалоо адам баласынын “мени”(“я”), акыл-эс, аң-сезимине эле эмес, ар бир индивид,инсандардын жеке турмуш-тиричилик, үй-бүлө,жамаатчылыгына да байланыштуу экендигин түшүнүп,аны жалпы элдин баарына жеткирүүнү эңсейт. Бул маселени толук билип,туура түшүнүп, туура өмүр сүрүп, туура жашоо бүгүнкү күндөгүаба менен суудайөтө чоң маселе болуп калат.Демек,биз,ар бир адам баласыушул күнгө чейин,реалдуу турмушту (реалдуу дүйнөнү)жалгыз сулуулугу боюнча гана кабылдап, жалгыз сулуулугу, асылдыгы боюнча гана аңдап, баалап келген болсок, эми аны назиктик принциби, назиктик чен-өлчөмүбоюнча таануузарылдыгы эң негизги жана эңбашкы маселе болуп

олтурат.Эмгекти изилдөөнүн **актуалдуулугу** менен **объективдүүлүгү** мына ушундай адам баласынын реалдуу турмушундагызарылдык менен муктаждыктан келип чыгат

Бирок, кийинки мезгилге келип,адам баласы илим-техника жана маалыматтын кенен өнүгүшү, баалуулуктардын өзгөрүшү менен кылымдар бою өкүм сүргөн корстугу менен кополдугун көрүп, айлана-чөйрөсүндөгү дүйнөнүн, жаратылыштын назиктигин да сезе баштайт. Бул маселени алгачкылардан болуп олоң байкап, аны мезгил талабына жараша чагылткан жазуучу да Айтматов болуп калат. Турмуш менен өмүр бүгүн канчалыкдеңгээлде өзүн даңазалоону каалаcа, (анын азыркы учурдагы эң ири ийгиликтеринин бири) -назиктик идеясы күндөлүк турмуш-тиричиликте эле эмес, көркөм-эстетикалык, моралдык-нравалык жана коомдук-философиялык жактан да ошончолук деңгээлденага кенен көңүл буруп, аны даңазалап жашоону талап кылып олтурат. Деги эле,бул бүгүн,жалгыз көркөм чыгармачылыкта эле эмес,объективдүү, реалдуу турмуштун бардык сферасында ааламдашуу доорунун даам-тузу сыяктанып олтурат.

**Диссертациянын ири илимий программалар жана изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий изилдөөнүнтемасыКыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясый-укуктук изилдөөлөр институтунун илимий иштеринин негизинде ишке ашырылды.

**Иштин максаты жана милдети.**Изилдөөнүн негизги максаты доорубуздун көрүнүктүү калемгери Ч.Айтматовдун атактуу повесттери менен романдарындагы назиктикжогорудабелгилеп кеткен маселелерин ишке ашыруу. Анын коомдук-философиялык маани-маңызын аныктап, көркөм-эстетикалык табиятынын критерийлери, функция, принцибин тактап, социалдык, рухий-интеллектуалдык жана моралдык-нравалык көйгөйлөрүнүнбаарынын жагдайын кенен ачып берүү.

**-** Дүйнөлүк прогресстин өнүгүшү менен ааламдашуу процессине жана турмуштун мүнөзүнө байланыштуу азыркы учурда айрым эстетикалык модификация, түшүнүктөр менен категориялар илгерки маани-маңызын жоготуп койгон болсо, айрым эстетикалык түшүнүк, категориялар ийинки жаңы доорго келип, жаңы өмүр, жаңы маани-маңыз, мазмун таап жашай баштайт. Мына ушундай кубулуш,өзгөрүүлөргө Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынан көрүнгөн назиктик маселесин да кошууга болот.Эстетиктердин алык эмгектеринетаянганда байыркы гректер“сулуулук” жана“жакшылык”, “жакшылык” жана “асылдыктын” эриш-аркак маанилеринин биримдигин-“калокагатия”деп атайт.Платон аны кишинин жан дили, жан тенинин шайкештигин көрсөтөт.Байыркы грек маданияты менен искусствосунда жолуккан булэстетикаменен этиканынайкалышыбиздин бүгүнкү күндө азыркы учурдагы илимий-

техникалык жана маалыматтык доордун спецификасына жарашадоорубуздун залкар талантыЧ.Айтматовдун чыгармачылыгында эстетикалуулук менен нравалуулуктунбүгүнкү күндөгү эриш-аркагы:“назиктик менен жакшылыктын” жана “назиктик” менен “асылдыктын”айкалышы катарыкөрүнүп олтурат. Байыркы антикалык доордун эстетикалык-этикалылык (нравалык) маселеринен айрымаланып,азыркы учурдагы көркөм-эстетикалык, коомдук-философиялык, маданий, экологиялык көйгөйлөр менен биргесоциалдык, аксиологиялык, идеологиялык маселелердин баарын жаңыча ар бирин өз алдынча жана булардын байыркы комплекстүү түрдөчечүүнү талап кылып олтурат.

- Бир жагыан, азыркы ааламдашуунун татаал доорунда адам баласы өзүнүн акыл-эси менен аң-сезимин абдан өнүктүрүп, турмуштун бейпилдигине, дүйнөнүн сулуулугуна канчалык каныгып маашырланып жашагысы келсе да, экинчи жагынан, ошончолук эле деңгээлде ал турмуш менен өмүрдүн жыргал, ыракатынын өтө элекыска, кайра кайталанбас убактылуу экендигиндагы эле терең жана кенен баалабай, анын корс, орой, теңсиздигине да белен көңүл бурулбай келе жатат.Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси аттуу бул илимий ишөтө олуттуужеке индивидуалдык-инсандык жана жалпы коомдук мына ушундай көйгөй- проблемаларды көтөрүп олтурат.Анын эң негизги максаты адам баласынын өмүрү менен турмушунунназик- кымбаттыгын кенен жана толук түшүнүп, ушул күнгө чейин жашап келген ар кандайадепсиздиктер менен бейбаштыктардын жолун тосуп, кемчилдиктер менен жетишпегендиктер,чыр-чатак, уруш-талаштардан арылып,корстук,кополдуктарды биротоло болтурбай коюу, алардын жаралуу, жашоо себептерининбаарын жоюп, аларга каршы ар дайым катуу күрөшүп жашоо максатын көздөөдө.

-Албетте,турмушта назиктик жалгыз эмес, аны бир жагынан коомдогу бардык терс көрүнүштөргө каршы күрөшкөн жан дил менен жан демдин чыныгы көксөөсү,кишинин үмүт-тилегинен турган асылдыкка да байланыштуу болсо, ал ушул учурга чейин адам баласына күч-кубат да болуп келсе, ошол эле учурда, аны бүткүл ааламдагы сулуулук да “колдойт”. Тирүү жандын баарын өзүнө тартып алып, турмуштун ажайып, айкын, көркүн ачып,-булардын баары ага ар дайым дем, күч-кубат болуп берген асылдык менен бирге бүтүп, бирге жаралгандай пикир калтырат.Ата-бабалардын өмүрүнүн гүлүн узарткан гармониялуулук: жашоо, өсүп-өнүгүү ж.б. салтанатын, өмүрдүн улуулугу менен бийиктигининбардык жакшы жагын даңазалап келе жатат. Бул категориялардын бийиктиги менен улуулугунун, кенендиги менен асылдыгынын эстетикалуулуктагы ажайыптуулуктун,көтөрүңкүлүүлүктүн чексиз-ченемсиздигине карабай анын ички структурасынын бирин түзгөн дүйнө болуп да көрүнөт. Жалгыз көтөрүңкүлүүлүк гана эмес, гармония,

сулуулук, көрктүүлүк,идеал жана башка категория, түшүнүктөргө ынак, жакын, жаркын, жумшак жанажароокер, боорукердик, мээримдүүлүк сыяктуу пенделик түшүнүктөрдүн бир көрүнүшү жана турмуштун бардык оң, орошон жагын, олуттуулугун даңазалап жашап келе жатат;

-Назиктикти изилдөөнүн негизги максаты мыны ушундай анын социалдык табиятын тактап, коомдук функциясынын орчундуулугун туура аныктоо сыяктуу жогорто атап кеткен олуттуу маани-маңыздуу, маселелеринен келип чыгат. Ал адам баласынын турмуш-тиричилигиндеги ар кандай асыл, астейдил, активдүү иштер менен бирге коомдук максаттагы алгылыктуу, алдыңкы демилге, дем-күч, кыймыл-аракеттен жаралат.

**Иштинжаңылыгы**Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселесикыргыз адабияты менен искусство таануу илиминде, Ортолук Азиядагы элдердин эстетикасы менен философиясында эле эмес, анын сыртындагы элдердин маданиятынын тарыхында да илимий объект катары алгачкы жолу иликтөөгө алынып, талданып олтурат.Диссертантбүткүл постсоветтик өлкөлөрдүн тарыхында, түрк дүйнөсүндөда назиктиктин критериясын, назиктик пинцибин жана анын функциясынбиринчилерден болуп талдап,анын критериялык, принциптик,эстетикалык-философиялык түшүнүк катары маани-маңызын да алгачкылардан болуп изилдеп,адам баласынын көркөм-эстетикалык дөөлөтүнүн тарыхында назиктик маселесин биринчилерден болупилимий айлампага тартып олтурат.

- Эстетикалык дөөлөт катары назиктиктин алгачкы жолу сырткы объективдүү дүйнөнүн, реалдуу предметтеринин өз алдынча (асылдык, сулуулук жана көтөрүңкү сыяктуу) ж.б. негизги касиеттеринин, көрүнүштөрүнүн бири экедигине атайын басым жасалып, анын бул касиети илимий негизде далилденипаныкталып, такталып олтурат.
- Иштин жаңылыгынындагы мына мындай критерийлер аркылуу баалоого болот:Автор реалдуу турмушту ”сулуулук закону” боюнча кабылдап,”сулуулук закону” боюнча гана таанnetworkбастан,назиктик принциби,назиктик чен-өлчөмү боюнча да таанып-билүү зарылдыгын белгилейт.
- Чындыгында да, Ч.Айтматов өзүнүн чыгармачылыгында аалам-дагы жан жаныбарлар, канаттуулар, өсүмдүктөр, буюм-тайымдардын ар биринин жана алардын баарынын бул жарык дүйнөдөгү **эң кымбат, улуу, эң назик экендигиналгачкылардан болуп байкап,** биз ушул учурга чейин көңүл бурбай келген ар бир нерсеге **көңүл буруп,** биз ушул учурга чейин үстүрттөн мамиле жасаган ар бир предметтин **чексиз сырдуу жана уникалдуу** экендигин **кенен туюнтуп,** реалдуу турмуштагы, объективдүү дүйнөдөгү ар бир предмет, ар бир өсүмдүк, ар бир **жан-жаныбарлардын жабыркабайжашашы үчүн күрөшкөндүгүндө,** өзүнүн, өз алдынча көркөм-эстетикалык системасын түзүп, аны ушул учурга чейин

эмгектенген дүйнөдөгү бардык кара сөз чеберлери менен сүрөткерлерден да озунуп, жалпы адам баласынын кызыкчылыгын бир бүтүндүк, **бир толук кандуу өмүр,**турмуш,**мезгил менен мейкиндиктеги улуу жошоо, бакыт-таалай**катары алгачкылардын бири болуп ачып берилгендигинде.Адам баласынын объективдүү реалдуудүйнөнү адилеттүү жана назик таанууда Ч.Айтматовдун атактуу повесттери менен романдарында буга чейин бир да философ, эстетик байкабаган социалдык карым-катнаш, байланыштарды (м.: **назиктик маселесин, ал аркылуу чындыкты - дагы датерең,дагы да кенен байкап),**азыркы учурдагы коомдук турмушка мүнөздүү нравалуу, адилет, “ак”,“таза”, сылык, чыдамкай жаңы сапаттагы маданияттуу,адептүү,айкөл адамдардын (кейипкерлеринин) образынкуруууга умтулуп,дүйнөдөгү ар бир жан-жаныбарларга туура мамиле жасап**,** алардын **ар биринин эң кымбат, эң баалуу жана эч качан кайталангыс көрүнүш экендигин туура түшүнүүгө** чакырып олтурат.

- Жазуучунун чыгармачылыгындагы назиктиктин мындайча **идеалдаштырылып берилиши** биринчиден, тынымсыз автоматташтырылып келе жаткан өндүрүштүн бүгүнкү күндөгү спецификалык өсүп-өнүгүүлөрүнөн улам пайда болуп олтурса, экинчиден, ал илим менен техниканын азыркы учурдагы мезгил өлчөмү менен мезгил талабынан, анын масштабындагы адам **баласынын каалоолорунун чексиздиги менен зарылдыгында жатканмуктаждыктан** келип чыгат. Демек, адам баласынын назик жан дили жан деми, жалпы дүйнөлүк маданият, жалпы рухий-интеллектуалдык, өсүп-өнүгүүлөрү жана ал үчүн болгон күрөштүн баарын жалгыз гана көркөм-эстетикалык, моралдык-нравалык, коомдук-философиялык аң-сезим үчүн болгон күрөш деп кароого да болбойт, анда бүгүнкү күндөгү жалпы коомдун, мезгил менен мейкиндиктин, анын ар бир алдыңкы ак ниет, адилет, аң-сезимдүү, акыл-эстүү, адамдарынын каалоо-тилек, турмуш-тиричилигиндеги алга умтулуулары менен келечегиндеги ар кандай болумуш тагдыры жатат. Аны эч качан жалгыз гана бүгүнкү же эртеңки күндүн реалийи, турмуш зарылдыгы менен мыйзамченемдүүлүктөрү жана кокустуктарынан да сыртта кароого болбойт. Ошол эле учурда, жалпы дүйнөнүн эртеңки темпи менен деңгээли да **өзүнөн өзү эле назиктене бербейт** жана **эртеңки турмушту назиктиксиз да** элестетүүгө болбойт. .
- ***Жеке салымы.*** Адам баласынынкоомдук-философиялык тарыхы менен көркөм-эстетикалыкаң-сезиминде ири маселе катары жашап келе жаткан назиктиктин алгачкы ирет атайын илимий объект катары талдоого алынып олтургандыгында. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында көтөрүлгөн бул маселенин бүгүнкү турмушка байланыштуулугу менен зарылдыгы автор чагылткан аспекттенилберикилүүлүк менен алгачкы ирет ачылып олтургандыгында.Назиктик маселеси бүгүн объективдүү түрдө канчалык деңгээлде жалпы турмуштук, жалпы адамзаттык мааниге ээ болуп



pdfelement

олтурган болсо, аны ошончолук деңгээлде,азыркы учурдагы адам баласынын рухий-интеллектуалдык жан дүйнөсү менен аң-сезиминин туюнтулушу катары транформациялагандыгында.

- Назиктикөзүнүн табиятында, жаратылышта, жалпы жамаатта, тынч-бейпил турмушта башка бирөөнү өзүндөй көрүп, өз ара келишүү, сыйлоо, кадыр-барк, сый-урмат менен жашоого умтулат. ДокторантЧ Айтматовдун чыгармачылыгындагы мына ушул жалпы турмуштукназиктик идеясын жана анын жалпы адамзаттык, жалпыжарандыкидеяларыналгачкылардан болуп көрүп, анын азыркы учурга мүнөздүүлүгүн да алгачкылардан болуп изилдеполтурат.

-Докторанттын экинчи дагы бир жеке салымы залкар жазуучунун чыгармачылыгындагы назиктиктин ушул учурга чейин коомдук жана жеке турмушта эч ким маани бербеген модификациялык, түшүнүктүк, эстетикалык, этикалык принцип, табиятыначып бергендигинде.Айтматовдун бул феноменинин коомдук жана онтологиялык маани-маңызынынбаалуулугу анын учурдагы жанаэртеңки күндөгү аң-сезимдүү,акыл-эстүүжалпы прогрессивдүү адамзаттынталабынадал келип олтургандыгында.

-Даанышман жазуучунун чыгармачылыгынын баалуулугунун дагы бир жагыазыркы учурдагы маданият менен эстетикалык илимдин тарыхында дүйнөлүк корстук менен түркөйлүккө каршы күрөшүүнүн буга чейин байкалбай келген дүйнөлүк жаңы багыт, линиясыначып, анын фундементалдык жаңы формасын негиздеп олтургандыгында. Бул линия, жол (метод), багыттын пайдубалынын келечектүүлүгүндө.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор.**

**1.**XX кылымга келип адам баласынын күндөлүк турмуш - тиричилигиндеги майда-чүйдө нерселерге да чоң көңүл бурула баштады.Кишинин кыял, жорук,жүрүм-турум, мүнөзүндөгү жеке жана жалпы маселелер да социалдык олуттуу мааниге ээ болуп калды. Мына ушундай өтө татаал, ары жооптуу шартта калем кармап,калыптанган доорубуздун таланттуу жазуучуларынын бири Ч.Айтматовдун назиктик маселесине кайрылып, аны чыгармачылык к р е д о катары чагылткандыгы да жөндөн-жөн же кокустан эле пайда боло калбастан, коомдун объективдүү мыйзамченемдүү зарылчылыгынан чыгып келди.

**2.**Сулуулуктун эң негизги жана эң башкы касиетинин бири кишини өзүнө тартып алып,арбап, аруулап олтургандыгында болсо, назиктикте мындай сапат, касиет жок деп айтууга болбойт. Ал сулуулук менен асылдыктын көптөгөн сапат, касиеттерине тең орток. Назиктик адам баласы, жан- жаныбарлар, катанаттуулар, өсүмдүктөр, тоо, таш, дайра суу, токой, талаа, ж.б. ар бир предмет менен бирге жашап, алардын тынч, бейпил, коопсуз- коркунучсуз турмушу үчүн “күрөшөт” жебул предметтердин баарынын теги, негизи- табияты -өзү катары да көрүнөт.

**3.**Ар бир предмет өз алдынча. "Вещь в себя" Кант, айткандай. Демек, ар бир предметтин жашоосу анын өзүнө да байланыштуу. Бирок, объективдүү предметтердин бул өз алдынчалыгы эбак эле таанылса да, анын назиктик жактары ушул күнгө чейинтолук жана кенен таанылбай келе жатат. Демек, бүгүн турмушту назиктик принциби боюнча кабылдап назиктик чен-өлчөмү боюнча да баа берүү зарылдыгыжаралып олтурат.

**4**. Биз турмушту көбүнчө сулуулук законубоюнча гана кабылдап, "сулуулук закону"боюнча гана талдап келсек, эми аны назиктик жагынан да талдап, назиктик принциби, чен-өлчөмү боюнча да баа берүү зарылдыгы жаралды.

**5**.Бүгүн мурда белгилүү болбогон сырлар ачылды. Объективдүүлүктүн объективдүүлүгү да субъектке байланыштуу экендиги айкын болуп калды.Коомдогу ири кемчилдиктер менен жетишпегендиктердин турагы-корстук, пастык, кастык экендиги белгилүү. Демек, назиктиктин да сулуулук, асылдык, көтөрүңкүлүүлүк сыяктуу эстетикалык негизги категорияларменен бирге каралуусу табигый көрүнүш.

**6**. Ушул учурга чейин кол эмгеги менен акыл эмгегинин, традиция менен өнөрдүн, аң-сезим менен акыл-эстин жана акыл-эс (милдет) менен жүрөктүн (каалоо)айкалыш, ажырымы улам айкын-ачык- байкалып келген болсо, эми,назиктиктин сапаттык касиетисулуулуктун сапаттык касиетинен күн өткөн сайын улам алыстап бараткaны көбүрөөк сезиле баштады. Бирок, бул табигий көрүнүштү социалдык деп,социалдык проблемаларды табыгийжагынан таануу же тануу эмес, булардын ар биринин максаттуулугу менен мыйзамченемдүүлүгүн моюнга алуу.

**7.**Объективдүү дүйнө чексиз, бай жана март. Бирок, анын байлыгы менен марттыгы асылдыгы менен сулуулугуна гана байланыштуу эмес, назиктигине да байланыштуу.

**8.**Асылдык менен сулуулук реалдуу дүйнөнүн жалпы көрүнүшүнүн бири болсо да,анын жалпы түзүлүшү эмес, Объективдүү реалдуу дүйнөнүн жалпы түзүлүшү – назиктик.

**9.**Демек, бүгүн илимий-технологиялык, маалыматтык доордо көркөм-эстетикалык чыгармачылык менен турмуштун, турмуш менен адамзаттын ар бир өкүлүнүн тагдыры назиктиктикке да байланыштуу.Залкар жазуучунун чыгармачылыгынын орчундуулугу менен классикалык жөнөкөйлүгүнүн жалпы маани-маңызынын даректүүлүгү, тереңдиги жана даанышмандуулугу мына ушунда жатат.

**10.**Ушинтип, Ч.Т. Айтматов залкар талант, чоң жазуучу катары үчүнчү миң жылдыкта, ага чейин коомдо өтүп жаткан өзгөрүүлөрдү кенен байкап, көркөм чыгармачылыктагы жаңы ой, жаңы багыт, теориясын негиздеп, **"дүйнөлүк корстукка"** каршы **«жалпы ааламдык (табигый)назиктик»** маселесин көтөрүп чыгат. Буга чейин эч ким

байкабаган же эч ким айта албаган идеяны алгачкылардан болуп айтып олтурат.

**Иштинтеориялык жана практикалык мааниси** аны изилдөөнүн бүгүнкү олутуу-орчундуулугунан,алолуттуу-орчундуулукту иликтөөнүн муктаждыгынан жаралды. Бирок, бул муктаждык адам баласынын тарыхында эне мээрими же ата камкордугу катарыбуга чейин илимий объект катары эске алынбай келген болсо, маалымат өтө кенен өнүккөнааламдашуу доорунда бүгүнкү күндөгү жашоонун, күрөө тамыры катары көрүнгөн адамдардын ортосундагы жылуу-ыссык, сылык мамиле, туура, маданияттуу карым-катнаш, достук байланыш, адам баласынынтурмуш-тиричилик,өмүрүндөгүири маселе, коом менен табияттагы эң олуттуу маани-маңызга ээ болуп олтурат.Объективдүү дүйнөдөгү ар бир предмет, жан-жаныбар өсүмдүктөрдүн баарыбир ирет гана жашап кайра кайталанбаган,буга чейин адам баласы билбеген таңсыктыкка айланды.Демек, ушул учурга чейин адам баласы айлана-чөйрөсүндөгү дүйнөнүнасылдыгына канчалык канааттанып, жашап келген болсо,бүгүн анынбул сапат, касиеттеринин дагы да кымбатназик кенен баалуулукка айланды.Турмуштунбаш айланткан оозур, ыракаты мененбирге жашаган өмүрдүн ооматынын кайра кайталанбаганоопалыгы менен оомалыгы дагы да айкын болуп калды.Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселесининтеориялык жана практикалык илимий мааниси тынч, бейпил, турмушту даңазалап, адам баласына ар дайым кайгы-капа, муң-зар, зордук-зомбулук, кыргын алып келген согушка каршы күрөшүү жана аны болтурбай коюу милдетинен турат. Залкар жазуучу бул маселеге“Саманчынын жолу”,“Эрте келген турналар” аттуу повестериндебатыл кайрылат.Назиктик маселеси бүгүн бизденмына кандай милдет-вазийпаларды талап кылыполтурат.

**Иштин апробациясы** Диссертациянын негизги мазмуну, аны аныктоочу жоболору, алгылыктуу, өзөктүү тыянак, кортунду ойлору республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда,“төгөрөк столдордо”, гениалдуу жазуучуну эскерүү боюнча уюштурулган жыйын-маарекелерде сүйлөнгөн сөздөрдө сунуш кылынган.”Мамлекеттик тилдин теориялык жана практикалык маселелери”. Бишкек, 2005; Ч.Айтматовдун 80 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференция. Бишкек, 2008; “Ч.Айтматов феномени: тил, маданият жана философия маселелери” Бишкек, 2008; “Көп тилдүлүк көп маданияттуу коомчулукта.Регионалдык илимий-практикалык конференция. Бишкек, 2011; Улуу жазуучунун 85 жылыгына карата.”Чыңгыз Айтматов-залкар публицист жана улуу даанышман”. Республикалык илимий-практикалык конференция. 9-декабрь 2013. Диссертация 2013-жылдын 22-февралында КР УИАнын Философия жана саясый-укуктук изилдөөлөр институтунун Социалдык философия бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынында, 2013-жылдын 28-майында Чүй университетинин Социалдык-гуманитардык сабактар

pdfelement

кафедрасынын кеңейтилген жыйынында жана ушул эле 2013-жылдын 26-июнунда И.Раззаков атындагы кыргыз техникалык университетинин философия кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунуш кылынган. Иштин негизги мазмуну боюнча жыйырма беш материал жарыяланган. Ж.Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин Окуу-методикалык комиссиясы сунуштаган “Назиктик эстетикалык категория катары” аталыштагы ЖОЖдордун гуманитардык факультеттеринин адис окутуучулары, аспиранттары, магистранттары жана студенттери үчүн 5.5 басма табак көлөмүндө окуу куралы жана 18.5 басма табак “Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси” аттуу монографиясы жарык көргөн.

**Иштин структурасы.** Эмгектин жалпы көлөмү-283 бет. Структура-сы: киришүүдөн,төрт баптан, кортундудан,пайдаланылган адабияттардын жана тема боюнча жарыяланган макалалардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Эмгектин **“Назиктик эстетикалык-философиялык түшүнүк”**аталыштагы биринчи бапында “**назиктик критериясы,”“назиктик функциясы”,“назиктик эстетикалык-философиялыктүшүнүк”** деген үч параграфка бөлүнүп изилденет.Бул баптын **назиктик критериясы** аттуу биринчи параграфы В.А.Малыгиндин “Эстетикалык дүйнөдөгү көтөрүңкүлүүлүкжөнүндө”[-Л.:Лениздат,1968.-С.44] деген эмгегине кайрылат. “Сулуулуктун сулуулугун сезүү үчүн жан дилдин жаркындыгы,жан демдин ачыктыгы зарыл.Объективдүүлүк менен субъективдүүлүктү,табигый жана идеалдуулукту рухсуз талдоо натыйжасыз”- деп жазат В.А.Малыгин. Абдан туура айтылган ой. Бирок,В.А. Малыгинжазган бул ой жалгыз сулуулуктун сулуулугун сезүү үчүн гана эмес,мындай учурда,назиктиктин назиктигин сезүү үчүн да өтө керек болот.Анын андан аркы жазганына караганда, адам баласы жаратылыштагы бардык эле нерселерге жакын эмес жана теребелдеги көрүнүштөдүн баарына эле таңдана бербейт. Ал өзү абдан жакшы билгенжеабдан жакшы көргөн,ага абдан жакыннерселер,маселен,жан-жаныбарлар менен канаттуулардын ж.б.жандыктардын эң мыкты сапатына таңданышы мүмкүн. В.А.Малыгиндин ою боюнча мына ошондойжандыктар өтө тез чуркаган-бугу, өтө күчтүү-пил, өтө шамдагай-жолборс жана өтө көрөгөч-бүркүт. Демек, киши бул жаныбарлардын жогоркудай сапатына таңданбай койбойт. Дал ушул сапаты үчүн адам баласы жогорто атап кеткен жандыктардын баарын асылдык (прекрасное) деп тааныйт. Анткен себеби, В.А.Малыгин атап кеткен жандыктардын баары адам баласынын идеалына дал келет. Үстүрттөн караган кишиге окумуштуунун бул пикиринин эч кандай карама-каршылыктары менен оңтойсуздуктары деле сезилбейт. Бирок,терең үңүлүп караганыбызда анын бул көз карзшынын

pdfelement

айрым кемтик-кетиктеринин да бар экендигин байкайбыз. Биринчиден, бул эмгек өткөн кылымдын 60-жылдарында жазылгандыктан, бүгүн кыйла эскирип баратканы сезилет. Айталы, жаратылыштагы жан-жаныбарлар менен канаттулардынал белгилеген сапаттарынын адам баласынын идеалына далкелгендиги үчүн ганаасыл деп айтууга болбойт. Экинчиден, булбелгиленген сапаттар асыл болсо да көтөрүңкү (возвышенное) эмес. Үчүнчүдөн, автордун бул пикиринде кандайдыр бир деңгээлде чындыктын үлүшү болсо да ал бизди толук ынандыра албайт. Бул айтылган пикирди далилдөө үчүн улуу композитордун “Тогузунчу” жана “Бешинчи симфонияларынын” көтөрүңкү таасирдүүлүгү, инсанды адам тагдыры жөнүндө ой жүгүртүүгө, анын тагдырына, келечегине тынчсызданууга аргасыз кылган маани-маңызына кайрылалы. Бетховендин бул симфонияларынан адам баласы өзүнүн жан дүйнөсүнө мүнөздүү ааламды дүңгүрөткөн прогрессивдүү күч-кубатты да сезбей койбойт. Улуу композитордун музыкасынын таасирдүүлүгү капыстан болуп өткөн XXI кылымдын эң ири экологиялык,авиа,автокатастрофаларынан кем эмес таасир калтырат. Бирок, Бетховендин музыкасы турмуштун эмоционалдык-сезимталдык, образдуу бийик чагылышы катары реалдуулуктан канчалык деңгээлде алыс турса да, идеалдуулугу жагынан адам баласынын жан дүйнөсүнө ошончолук деңгээлде жакын жана жаркын сезилет. Анын музыкасынын назиктиги да, улуулугу да мына ушунда жатат. Арийне, биз, бул жерде, идеалдуулук менен реалдуулуктун кайсыл жагдайын эске алып жатабыз? Албетте, Бетховендин музыкасынын коомдук окуя катары жогоркудай (жакын жанажаркын) кабылданышы, адам баласынын идеалдуу турмушундагы объективдүүлүктүн реалдуу чагылышы болсо, ал эми жанакы катастрофалар кишинин өзүнө гана байланыштуу субъективдүүтерс көрүнүш,жеке индивидуалдык же чоркок иш-аракеттердин жыйынтыгы болуп эсептелет. Ушинтип бул фактылар эки башка көрүнүш, эки башка мотив, эки башка мүнөзгө ээ. Бирөө идеалдуулугунда,экинчисииррационалдуулугунда-экөө эки башкача кабылданып, эки башка таасир калтырат.Улуу композитор Бетховендин музыкасынан адам баласынын алдыңкы, улуу аң-сезимин, композитордун жеке инсандык руханий бийиктигин көрсөк; ал алдыңкы идея, коомдук, көпчүлүк массанын, жаратылыштын-жалпылыктын даңазасы катары өлбөс-өчпөс таасир калтырып олтурса, ошол эле учурда,жогорто белгиленген окуялар кемчилдик, олдоксондук, пастык,жарамсыздык, акыл-эссиздик, осолдук катары корстугу менен да өзгөчөлөнүп турат. Ошентип назиктик менен корстук бул жерде чагылтылган предметтин маани-маңызы жанамазмунунда жатат. Назиктик идеалдуулугунда, жогорто белгилегендей, ар кандайолдоксондук,жарамсыздык, пастыкка каршы туруп, ак ниеттүүлүктүн, жаркындыктын көрүнүшү катары жактыруу, жалгоо үчүн жаралгандай көпкө чейин жашоого укук алат.



pdfelement

Ошол эле учурда жарамдуу, жаркындыгында кишинин жан дүйнөсүн жаркытып, өсүп-өнүгүүгө, ырааттуу-ырыстуу болууга үндөп,оозурдуу турмуш кечип, өмүрдүү, өрнөктүү жашоого чакырат.

Д.Д.Средний эстетиканы илгертен бери жашап келе жаткан асылдык жөнүндөгү ири окуу деп белгилеп, ал асылдык жөнүндөгү окуу гана эмес,искусствонун оожалуу законун, көркөм чыгармачылыктын теориясын үйрөтүүчү билим деп атайт. Анын жазганына караганда, эстетикада асылдык катышпаган бир да көрүнүш жок. Асылдыктын маани-маңызын түшүнбөй туруп, чыгармачылыктын да маани-маңызын,искусствонун закондорун да толук түшүнүүгө болбойт.[Средный Д.Д..Основные эстетические категории.М.,”Знание”,1974.-С.14-17].

Адамзаттын азыркы учурдагы илимий-техникалык жетишкендиги анын акыл-эсинин да жетишкендиги экендигин далилдеп олтуруунун зарылдыгы жок. Анда азыркы учурдагы көзгө илешпей учкан самолеттор менен ракеталарчы? Көзгө илешпей учкансамолеттор менен ракеталарды биз бүгүн кайсыл критериядан карайбыз?Алардын оң же терс, назик экендигин кандайча баалайбыз? Азыркы замандагы самолеттор менен ракеталардын коздугуна,практикалуулугуна карап, назиктик касиетинин бар экендигин аныктоого болобу? Д.Д.Среднийдин асылдык жөнүндөгү көз карашына негизденип айтканда,адамды заматта мелжеген жерге жеткирген самолеттордун практикалуулугуна жепайдалуулугуна караганда, асылдык деп айтса болот. Үндөн ылдам учкан бул самолет,ракеталар – адам баласынын азыркы учурдагы илимий-техникалык ири жетишкендиги! Эми, ушул самолеттор адамдарга согуш, кыргын жаратып, жалпы адамзатка, жаратылышка, анын баа жеткис көрүнүштөрү: канаттуулары менен жан жаныбарларына, өсүмдүктөрүнө кайра ордун толтура алгыс зыян келтирген учурдачы? Мындай учурда бул самолет, ракеталар канчалык пайдалуу, канчалык кооз болсун,кишиге канчалык ыңгайлуулук алып келбесин, эч качан асылдык деп эсептелбейт. Бул самолет, ракеталардын ыңгайлуулугу, кооздугу да биздин көз алдыбызда заматта жалп өчүп, алар-жеткен мыкаачы, таш боор, мээримсиз кара ниеттер үчүн жасалгандыгы айкын болуп калат. Тар максат, таалим-тарбиясы жок бир жактуулук, өзүнүн кызыкчылыгы үчүн жашагандык, пастык жана осолдукка жатат. Предметтин мына ушундай пас, осолдугу анын зыяндуулугун ашкерелеп, сугалак, кара мүртөз, кара ниеттик, карандай күч, зордук-зомбулук менен да коштолот. Мындай учурда ал экономикалык, экологиялык, психологиялык жагынан гана эмес, эстетикалык, этикалык, турмуштук ж.б. аспектилеринен да өтө зыяндуу болуп эсептелет. Социалдык-философиялык көз караштан акыл-эссиздик, караңгылык, жарамсыздык, нравалык жагынан адамгерчиликсиздик: осолдук, оройлук жана жеткен пастык катары да баалоого болот. Оройлук (грубость) пастык катары ал ар дайым бейпил жана кенен турмуштун ар кандай даражадагы жакшылыктарына, көп кырдуулугуна-гармония-



pdfelement

луулукка каршы турат. Жаратылыштын, жалпы коомдун, үлгүлүүлүгүнөн, өмүрдүн жалпы адамзаттык сүймөнчүлүктүүлүгүнөн, жамааттык жагымдуулугунан-көп кырдуу, көп кабаттуу асылдыгынан ажырап, куру кол калууга алып келет. Ошол эле учурда, жанакы самолеттордун сырткы коoздугу (сулуулугу) анын ички мазмунуна дал келбейт. Же, мындайча айтканда, ал самолеттордун ички мазмуну сырткы көрүнүшүнө, маңызы формасына дал келбегендиктен аны эч качан сулуу деп да айтууга болбойт. Демек, экинчи миң жылдыктын акырына келип, илим менен техниканын дүркүрөп өнүгүшү менен жогортогу мисалдардан байкалгандай самолет, ракеталардын кооз-сулуулугу менен акыл-эстин ортосундагы дал келбестик (демек, акыл-эс менен сулуулуктун ажырымы) көбүрөөк байкалып, бул ажырым күн өткөн сайын дагы улам көбүрөөк кездешип, мурдакысынан да батыл, өкүмсүнүп баратат. Эстетикалуулуктагымындай кырдаал асылдык менен назиктиктин ар биринин ар башка, өзгөчө критерияга ээ экендигин дагы бир ирет күбөлөп турат. Ушундай эле, күндөлүк турмуштагы, коомдогу ар кандай предмет, көрүнүштөрдүн, пайдалуу, ыңгайлуу, баалуу сыяктуу дефинициясы ар кандай кырдаал, көз караштарды, таңсыктыктарды жаратып келе жатат. Күн өткөн сайын ал кайталангыс өң-түс таап, социалдык, аксиологиялык ж.б. аспектилеринин өз алдынчалыгын далилдеп олтурат. Назиктиктин критериясы, (принциби) ушинтип, акыл-эс менен аң-сезимдин, реалдуулук менен идеалдуулуктун жана гармониялуулук менен универсалдуулуктун мыйзамченемдүүлүгү катары да көрүнүүдө. Сулуулук менен акыл-эс дал келген учурда да корстук (грубость) менен назиктиктин (нежность) айрымасы жана карама-каршылыгы дагы да күчөп, булардын аралыгындагы кокустук мүнөздөгү көрүнүштөр мыйзамченемдүүлүк катары кабылдана баштады. Мындай учурда турмушта азыркы мезгилдин дагы бир карама-каршылыгы (жогорто белгилегендей) асылдык менен назиктиктин дагы бир кырдаалынын асылдык менен назиктиктин ар башка критерияга ээ болгондугун да турмуштан көбүрөөк байкай баштадык. Күндөлүк турмуштагы,коомдогуар башка предметтер (м.:самолет, ракеталардын) ар башка жагдайлары ар түркүн дефинициясында ар башка кырдаал, таңсыктыктарды жаратышы мүмкүн. Бул – турмуштун назиктигине түп тамырынан карама-каршы турган маселе.

Азыркы учурга келип, бир жагынан, корстук менен назиктиктин карама-каршылыктарынын өсүп олтургандыгы кенен байкала баштаса, ошол эле учурда, ал карама-кайчылыгы менен эле эмес, карама-каршылыгы,илимий-техникалык өнүгүүлөр менен эстетикалык таануунун ортосундагы аралыктын ажырымынын күчтөнүшүн жаратып олтурат. Илимий-интеллектуалдык таануу менен рухий интеллектуалдык таануунун жыйынтыгы бир жерден чыкпай, логикалуулук менен сезимталдуулук өз ара жалгаша албай келе жатат.



pdfelement

Ал эми асылдык, көтөрүңкүлүүлүк, назиктик айкалышкан жерде илим менен техника да тез жана интенсивдүү өнүгүп, турмуш да туура жана кенен багыт алып олтурат. Мына ушундай шартта гана назиктик да азыркы учурдагы доор талабы менен бирге көрүнүп, мезгил менен мейкиндиктин өктөм зарылдыгы анын сапат, маңызы менен бирге жашайт. Назиктиктин жалпы адамзаттык максат-тилегинин үзүрлүү ишке ашышы үчүн ушинтип турмуштун өзүнүн бүткүл зарылчылыктары менен мүмкүнчүлүктөрүнүн баары көмөкчү жана жардамчы ролунан тартып эң негизги милдетин аткарып олтурат.

Мына ошондуктан айлана чөйрөдөгү, коом менен жаратылыштагы ар бир предметтин, көрүнүштүн асылдыгы менен көтөрүңкүлүүлүгүн аныктоодо назиктикти критерия менен бирге назиктик функциясын да тутпай коюуга болбойт.

"**Назиктик функциясы"**деп аталган экинчи параграфдасулуулуктунэстетикалык таасиринин обьективдүүлүгү, ал эстетикалык таасирди аныктообизге чейин өмүр сүргөн адамдардын алдына эбегейсиз зор жана өтө салмактуу ири милдеттерди коюп келген, биздин алдыбызга да ал ошондой өтө зор, өтө салмактуу милдеттерди коюп олтурат.

Докторант андан арыЧыгыштын япон, корей, кытай элдеринде кылымдардан бери жашап келе жаткан «Таш бак» («Каменный сад») деген түшүнүктүн бар экендигин белгилеп, анын Азиянын башка бурчунда жашаган элдердин мөмөлүү-жемиш бак деген сөзүнүн маанисине тете экендигин айтып, япон, корей, элдери бул «Таш бактарга» киргенде кыргыздар алма, алмурут, жүзүм, өрүк, бактарына киргендей эле эстетикалык ыракат ала тургандыгын баяндайт. Ал «Таш бактарга»ар түркүн: кооз, көркөм, өзгөчө-өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын, канаттуулардын, тоолордун, деңиздеги жандыктардын предметтерди, көрүнүштөрдү, буюмдарды элестеткен жүздөгөн, миңдеген таштар коюлуп, ал «таштарды» көргөнү келген эл жаратылыш менен түздөн-түз, тыгыз карым-катнашта болуп, агаөздөрүн жакын, байланыштуу экендигин сезишип, кубаттанып, кайраттанып, калышканын байкашат. Табияттынкөрүнүшүн абдан жогору койгон япон эли аны өтө жогору баалайт. Бул эле эмес, жаратылыштын биз барк албаган башка көрүнүштөрүнө да өтө терең маани беришет. Же болбосо, япондуктардын жаз, жай мезгилиндеги айдын түнкү сүттөй жарыктыгына жасаган мамилесин айталы. Күндүн жылуу учурунда, алакандай булуту жок асманга, айлана-чөйрөгө суктанган япондуктар үчүн андан ашкан чексиз ыракат болбойт. Жалгыз гана япондуктар эмес, Чыгыштын башка элдери да, көңүл ачып, эс алууда, таза,табияттын тунук көрүнүшүнөн ашкан ыракатты билишбейт. Алар үчүн табияттын сулуулугунан ашкан сулуулук да, табияттын ыракатынан арткан ыракат болбойт. Жаратылыш керемети



pdfelement

гана ага ар дайым түгөнбөгөн жаркындык, жарыктык, тазалык, тунуктук, сулуулук жана бакыт тартуулайт.

Жаратылышка болгон ыйык мамилени кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынан да жолуктурабыз. Кыргыздар өз рухун, өзүнүн асыл, назиктигин сактоо үчүн “Манастай” улуу чыгарма түзүүгө муктаж болгон. Бирок, кыргыздардын бүткүл дүйнөгө белгилүү боло элек да бир нече дөөлөттөрү бар. Бул кылымдардан бери жашап келе жаткан ырчылык-төкмөчүлүк өнөрү жана комуз күүлөрү. Комуз күүлөрү элдик үндүк ой жүгүртүүнүн бийиктигин гана даңазалабастан, ийиктигин да даңазалайт. Комуз күүлөрүндө адам баласы менен жаратылыштын, жаратылыш менен коомдун жана коом менен адам баласынын карым-катнашын айкын-ачык чагылткан ондогон-жүздөгөн чыгармалар жаралган. Ага «Куу ингендин ботоюю» деген күүнүн таржымалын эске алсак жетиштүү болот.

Реалдуу дүйнөнүн назиктиги биринчиден, адам баласынын өзү жана анын назиктенген айлана-чөйрөсү: индивид, коом жана жаратылыш, бирин экинчиси менен, экинчисин үчүнчүсү менен, кайра булардын ордун алмаштырып койсок да, (баары бир андан эч нерсе өзгөрбөйт), өтө аяр, өтө сылык мамилени талап кылат. Назиктик ар дайым бизден реалдуу дүйнөнү (1) «туура», (2) толук, (3) эриш-аркак, бүтүн-биримдигинде кабылдап, булардын баарынын (4) комплекстүүлүгү, аны Комузчудан да ошол нугунда ишке ашырууну талап кылып олтурат.

pdfelement

Мына ушундай, жаңы миң жылдык жалпы айлана-чөйрөдө, адам баласынын жамаатчылыгында гана эмес, жаратылышта да, (обьективдүү жана субьективдүү дүйнөдө), «жаңыча» жашап, «жаңы» мамилени (жаңыча көз караш) талап кылып олтурат. Жаңыча мамиле (жаңыча көз караш) жаңыча жашап, жаңыча өмүр сүрүүгө багыт бере алат. Жаңыча жашап, жаңыча өмүр сүрүү адам баласына үй-бүлөдө, коомдо, жаратылышта гана эмес, бүткүл табияттагы тоо, таш, жан-жаныбарлардын, канаттуулардын, өсүмдүктөрдүн, көрүнүштөрдүн баарынын назиктигин күдүксүз таануу дегендикке жатат. Назиктикти толук таанбай туруп, асылдык менен көтөрүңкүлүүлүктү, трагедиялуулук менен комикалуулукту, жакшылык менен нравалуулукту айкын, жетик баалоого болбойт. Ансыз корстук, пастык, осолдукка каршы толукандуу, төп күрөш алып баруу мүмкүн эмес экендигин турмуш, мезгил өзү далилдеп олтурат.

“**Назиктик эстетикалык-философиялык түшүнүк”**деген параграфында анынкоом, турмуш,жана искусство чыгармаларындагы ээлеген орду, ролу, аткарган милдети артүрдүү жана ар башка, философиялык түшүнүктөргө, эстетикалык категорияларга окшобогон же окшосо да, (байкоо, кабылдоо, баштан өткөрүү), анын реалдуу турмуштагы көрүнүшү (өмүр сүрүү, таасир берүү-«аракеттенүү” сферасы) өз алдынча экендиги талданат. Анткен себеби, назиктик бир жагынан адам баласынын аң-сезиминин (чувство), ар кандай баштан өткөрүүлөрүнүн

(переживание), элестетүүлөрүнүн (воображение), фантазиясынын, реалдуу турмуштун жана адам баласынын ички дүйнөсүнө, турпатына таандык ар түрдүү, татаал,күтүлбөгөн, кандайдыр бир белги менен чектелбеген «сырларды», мээлүүн максаттуу аракеттерди чагылтса; ошол эле учурда, алырааттуу жана мээлүүн аракеттердин өзү катары башка эстетикалык түшүнүк категориялардан айрымаланып жана алар менен бирге зордук-зомбулук, корстукка, одоно, олдоксондукка, пастыккатүп тамырынан, тегинен каршы турат. Майда-барат жана ири деген терс, оң көрүнүштөрдүн баарына өз алдынча элдешбес, келишпес“стихиясында” жашайт. Керек жана зарыл деген учурда өзүн курмандыкка да чалат.

Ушинтип, назиктик бир жагынан асылдык тегин “даңазалап,” сулуулуктун түпкүрүнөн орун алып, анын табигий негизинде жаркып жатса, ошол эле учурда, экинчи жагынан, коомдук табити, аны алкаган адам баласынын аң-сезим, коом менен жаратылышындагы өз алдынча эле бир рухий-социалдык өзгөчө көрүнүш катары да кабылданат. Анын бул табигый жана социалдык бай тилек, каалоолору, ажардуу иш аракеттерижогорку идеалынан да таанылат. Назиктиктин онтологиялык табиятындагы бул өз алдынчалык эстетикалык башка категориялар менен философиялык түшүнүктөрдүн баарында эле негизги критерия же башкы принцип катары жолуга бербейт.Мына ошондуктан Байыркы Греция акылманы Платон назиктиктин мына ушулкасиетине бирде абдан маашырланып аны адам баласынын ички дүйнөсүнөн да көрсө, экинчи учурда анын реалдуу турмуштагы сырткы дүйнөнүн реалийинде кандай болсо ошондой тегинде атактуу эмгектеринде малакотез (malakotes) (назиктик, жумшактык), малтхакоз (malthacos) (назиктик, бейкаруу, мүнөз, хаброс (habros) депсүйүүдө: назик маанисинде колдонула тургандыгы жөнүндө жазат. Чындыгында эле, байыркы гректер бул терминдерди туш келди пайдалана бербестен, турмушту муза коштогондо, же жашоо ал аркылуу ченелгенде, деги эле, музыкалык жана искусство чыгармалары, илим жөнүндө сөз болгон жерде пайдаланышат. Ушундай эле «малакотес» (malakotes), «малакия»(malacia), «малтхакос» (malthacos), хаброс" (habros) деген терминдер назиктик менен жумшактыктын ар кандай маанилерин түшүндүрөт. Бул тууралуу «текст Платона пересыпан бесчисленными терминами и выражениями, относящимися к области нежной, мягкой и гибко-подвижной стороны прекрасного. Отчасти мы это находили уже выше, когда обсуждали мужскойи женской тип красоты”-деп жазат[Лосев. А.Ф. История античной эстетики(Софисты,Сократ,Платон).-М.: Искусство, 1969.-С.44О].

Бул маселенин өңүт, оңтоюн немец элинин классикалык философиясынынири өкүлү Гегелдин мына мындай деген олоң ою да айкын далилдеп турат. Ал «познание духа есть самое конкретное и потому самое высокое и трудное» деп жазып, таанып-билүүнү идея катары карайт да, «идея есть только мыслимое нами понятие познания, а не познания,

наличное само для себя, не действительный дух, а всего только возможность его». [Гегель. Энциклопедия философских наук. Т.3.Философия духа.-М.:Мысль,1977.-С.6.]Дал ушул Гегель айткандай назиктик да, турмушту таануунун белгилүү бир учуруна келип, адам баласынын сырткы реалдуу объективдүү дүйнөсүндө жашай баштагандыгын, бирок, аны объективдүү предметтердин эстетикалыккасиети катары байыркы грек акылманы Платон менен Плотин жашаган мезгилден кийин өз алдынча эстетикалык көрүнүш катарытаанылбагандыгын, анын эң негизги себептеринин бири назиктиктин эстетикалык касиетинин сөзсүз киши байкабай коёлбагандай (сулуулук менен асылдыктай) деңгээлде, же абалда эмес экендигинен, анын эстетикалык көрүнүш катары бүгүн да табияттагыобъективдүү предметтердин насилинин же бычынынын бир көрүнүшү (түзүлүшү) сымак  ашкан сезимталдуулук менен эмоционалдуулукту, рухий-интеллектуалдык чоң ийкемдүүлүктү, көркөм-эстетикалык жөндөмдүү-лүктү, мындан сырткары, адамдык сапат, чоң жан дил, жан дүйнөнү талап кылып олтурат. Назиктиктин табиятын таанууда, мында,предметтин албетте эки жагын эске алуу зарыл. Биринчиден, ал ар дайым нерсенин кооз,  сулуу ж.б. асыл касиеттери менен бирге алардын ички жана сырткы сапат түзүлүшү катары көрүнсө, экинчиден, назиктик ар дайым адамдын, айлана-чөйрөнүн, сырткы дүйнөнүн жандуу,жансызбуюм-тайымдар менен көрүнүштөрдүнтурум-турпат,маани-маныз  (сущность), табиятына да байланыштуу. Адам баласынын адилет, ак-таза жан дил, жан демин, туура турмуш образы менен бирге максат, тилек, каалоолорун эске алганда, жаратылыш, коом ж.б.жамаатчылыктын да мыйзамченемдүү өнүгүшү. Дегинкисиндедайын, маалымдуулугунда реалдуу объективдүү дүйнөнүн өзү, андагыар бир предмет, ар бир жан, ар бир турмуштук көрүнүш: тоо, таш, дайра, суу, ар бир өсүмдүк, ар бир нерсе, мейли, ал, кандай форма, мазмунда, көлөм түзүлүшүндө болсун, акыл-эстүүлүктүн, аң-сезимдүүлүктүн, тирүүлүктүн-тирүү жандардын,адамзаттын тынч, бейпил турмушунун да көрүнүшү. Ушинтип,назиктик кылымдар бою, ар дайым ашкере, көзгө чалдыгуучу деңгээлинде болбосо да, ар бир предметтин ички сыры, ички түзүлүшү, турум-турпаты, тулку, ички маани-маңызы катары жашагандыгын эске албай коюуга болбойт. Платондук позициядан айтканда, назиктик предметтин эң негизги эстетикалык сапат, өзгөчөлүгү, маселен, анын катуулугунан да жумшактыгы, калыңдыгынан да жукалыгы, жагымдуулугу эле эмес, чакан же чоң, узун же кыска, ж.б. өз алдынча максатка ылайыктуу  предметтиничкисын-сыпат, сан-сапаты, булардын баарынын заттык өзөгүн түзгөн категория.(Буюм-тайымдар,өсүмдүктөрдүн,канаттуулардын, жан-жаныбарлардын ж.б. табигый жалпы дүйнөнүн реалдуу,идеалдуу жана сезимталдуу кабылданган материалдык көрүнүшү).Ч.Айтматов да өз чыгармачылыгында мына ушул принципти колдонот.“Жамийла”,“Ак



pdfelement

кеме” повестериндеги назиктиктин көркөм-эстетикалык жана коомдук-тарыхый аспектин берүүдө айрыкча Момун, Балажана Жаратылыштын назиктигин Орозкул анын тарабындагыларга каршы кою менен ишке ашырат.

Гегель өзүнүн «Философиялык духунда» өтө жогору баалаган теориялык жана практикалык духтун биримдиги, эрктин чыныгы эркин көрүнүшү,жалгыз гана предметтин, адам баласынын, өсүмдүктөр, жан жаныбарлар дүйнөсүнүн (өсүп-өнүгүү) активдүүлүгү же алардын аракет-активдүүлүгүнөн башка да тынымсыз оожалуучу жана тыныгуучу процесси, башкача айтканда, жашоонун табигий көрүнүшү.[Гегель.Энциклопедия философских наук.Т.3.-7-б.].Сулуулук менен асылдыктай предметтин сырткы көрүнүшү, формасы,түрү, образы, анын дароо эле таанылa бербеген же бүтүндөй эле таанып-билүүгө ыңгайсыз, анын ички структуралык ал абалы, түзүлүшүндө жаткан, (демек, предметтин сапаттык, сандык,касиет,сырынын (“тереңиндеги”) маани-манызы, эстетикалык көрүнүшү. М.С.Каган белгилегендей “Во всяком случае, под эстетикой стали понимать научную дисциплину, отпочковавшуюся от философии и имеющую собственный предмет изучения.” [Лекции по марксистского-ленинской эстетики.Изд. Л.,1971.стр.12].

Кыргыз элинин философиялык түшүнүгү боюнча да объективдүү дүйнөдөгү предметтин тулку-сапатын түзсө, турпаты анын санын-түзөт. Тулку-(предметтин негизи) сапатка байланыштуу болсо,турпат предметтин сандык жагын күбөлөйт. Сапат объективдүү болсо, сан-субъективдүү. Демек, сапат жалгыз-жалкы болсо,сан-жалгыз, жалкы эмес. Асылдык менен назиктик мына ушул бүтүн, биримдигинде тулктук да, турпаттык да көрүнүш. Тулку асыл болсо, турпаты назик, турпаты назик болсо, тулку асыл. Мисалы, гүлдүн табияты мына ушундай. Анын тулку-асыл болсо, турпаты-назик, тулку-назик болсо да, турпаты асыл. Тулку турпатына, турпаты тулкуна байланыштуу.Тулк-сапат, турпат-сан. Бул-компоненттер бири-экинчисине, экинчиси- биринчисине багынынкы. Назиктиктин асылдык менен болгон катышы да мына ушундай эстетикалуулугунда эриш-аркак, катма-катар. Бирок, бул эстетикалык эриш-аркак, катма-катардык сырткы, формалдуу көрүнүш эмес, предметтин ички үзүрдүүлүгүнө, ички түзүлүшүнөбайланыштуу. Үзүрдүүлүк объективдүүлүгүндө субъективдүү болсо да, субъективдүүлүгүндө объективдүү. Мисалы, кишинин жан дүйнөсүнүн абалы анын жан дили аркылуу көрүнөт. Анын жан дилинин абалын күйүмдүүлүгүн анын аракетинен байкоого болот. Назиктик менен асылдыктын инсан катышындагы божомолу да-ушундай. Ал эми назиктиктин көтөрүңкүлүүлүк менен болгон катышы - асылдык менен назиктиктей жакын эмес, бир топ ажырым, айрымалуу. Бул категориялардын түпкү тегинен бир кылка, бир жактуу, жакын,



pdfelement

экендигине карабастан, турмуш-тиричиликтеги, коомдогу жана жаратылыштагы (табияттагы) кызмат, кырдаалы (функциясы) ар башка.Алсак, назиктик дегинкисинде өзүнүн принциби боюнча көтөрүңкүлүүлүккө кайчы турса да, карама-каршы эмес, айрым жагдайы боюнча алыс да эмес, жакын. Көтөрүңкүлүүлүктүн ички структурасындагы динамикалык менен математикалык формалар да дал ушундай. Көтөрүңкүлүүлүк менен назиктик, назиктик менен асылдык ушинтип бири-экинчиси, экинчиси-үчүнчүсү менен бирде азыраак, экинчи учурда мол катыш, айкалышта болсода, асылдыкка жакын категория катары эстетикалык өз алдынча бир бүтүндүктү түзөт. Предметтин сапаты менен санын, ички түзүлүшү менен сырткы түзүлүшүн, тулку менен турпатын кабылдоодо пайда болгон эстетикалык ыракатартыкчылыгында - ар кандайча көрүнөт. Асылдыктын назик табиятынын көтөрүңкүлүүлүк менен болгон карым-катнаш, байланышы, назиктиктин коомдук-философиялык, көркөм-эстетикалык, маданий-аксиологиялык, ж.б. сфераларынын ар биринин турмуштагы кенен, зарылдыгы мына ушунда жатат. Назиктик өзүнүн касиети боюнча сулуулуктан көп деле өзгөчөлөнбөйт.Батымдуулугу жагынан, сулуулугунан ашып да түшпөйт, кем да бааланбайт. Белгилүү да болуп кетпейт, же белгисиз бойдон да калбайт. Бирок, жакындыгы, жагымдуулугу жагынан түбөлүк айкалышкансып, бири-экинчисинин ичинде калып, сулуулук канчалык деңгээлде назиктикти өзүнө жашыргысы келсе, назиктик сулуулуктун турум-турпатын, ички структурасын түзүп, «байытып», колдоп, даңктап келет. Аны бирөө «артыкча» же «кем» деп да айта албайт. Бул керемет сапат, касиеттер эч качан кайталанбайт, эч качан бузулбайт, бул табигий чен-өлчөмдү эч ким буза да албайт, өзүн-өзү да эч качан бузулууга алып барбайт,өзүн-өзү кайталабайт. Назиктик өзүнүн бул касиетин эч качан танбайт жана аны эч качан бөлүп да түшүнбөйт. Аны биз бөлүп түшүнгөн учурда да сулуулук менен асылдыкка байланыштуу алардан биротоло алыстап же ажырап да кетбейт. Дамамат сулуулук жана асылдык менен бирге жашап, алардын ички касиети, ички керемети катары көрүнгөндүгүн да койбойт. Назиктик мына ушундай эстетикалык теги, түбү, «буйругу» боюнча да бүткүл теребел, ай-ааламга текши, тең-тегиз, тетик бүткөн. Табияттагы асылдык менен сулуулуктун гана биримдигин айгинелебестен, көркөм-эстетикалык, рухий-интеллектуалдыктагы данакер, негиз, пайдубал катары да кабылданат. Анда реалдуулук (материя) менен идеалдуулук, мазмун менен бычындын (форма), маани-маңыз (сущность) менен структуранын биримдиги эриш-аркак катары бир бүтүндүктү түзүп турат.

Бирок, предметтин сырткы көрүнүшү ар дайым эле анын назиктиги катары сезиле бербейт, же жогорто аталганкасиеттер ар дайым эле анын назиктигин далилдей албайт. Гармониялык комплекстүү көрүнүш катары назиктик гүлдүн ички түзүлүшү, ичкиструктурасын да камтып алат жана

pdfelement

өзгөчө универсалдуулукту талап кылат. Бири-экинчисине, экинчиси-үчүнчүсүнө окшобосо да, табигыйлыгынан жазбайт. Бирок, бири-экинчисинен, экинчиси-үчүнчүсүнөн гүлдүүлүгү, (гүлүнүн) молдуулугу, көп түрдүүлүгү, өз алдынчалыгы, өктөмдүүлүгү, жан дил, жан дем же жан тениңди-жан дүйнөңдү козгобой койбойт.Сотосунун,жалбырактарынын жаркындыгы, анын “боёкторунун” баёолугу, жакындыгы, жыттуулугунун кушкер, кумардуулугу…айтор, ж.б. аталган-аталбаган касиеттеринин баары - табигый чексиздигиаркылуу өзүн-өзү толуктап, өзүн-өзү ачып, (шексиз) кереметине батырат. Зарыл болгон учурда, ар кайсыл учурда, ар дайым өзүнө тартып алып, кишинин демин көтөрүп, жан дилинен орун табат. Даңазасын ашырып, мисалы, байчечекей...жаратылыштын,жарыкчылыктын, кишинин жан дүйнөсүнүн, бардык жаңылыктарын жана жаркындыктардын (реалдуу,символикалык түрдө) сездирип, «жылуулук-тун», жалпы өсүп-өнүгүүнүн даражасын туюнтса, жийде бурак-(гул бурак)-“кыз бурак” деп, адам баласынын кыялкеч, асыл, жаштык курагынын артыкчылыгын элестетет. Бирок, жийде буракты келсек кыргыз тоолорунда өскөн жоогазынга салыштыра келсек, кызыл гүлдөй (роза) жаштыктын жарпын жазып, “жабыркатып” акыл-эсинен азгырып өчүктүрүп, боз улан, бойдоктуктун “көзүн тазалайт”. Артыкча жыпар жыттуу, көрүмдүү, көрктүү, ашкан жагымдуу, өрттөй өңү (аркылуу) өзгөчө “өкүмдарсынып” өктөмдүк да кылбай койбойт. Тек гана жыл сайын күттүргөн “өнөк” өңүнө көндүрүп, “конок” көңүлдү көшүлтөт. Өткөн өскөн, өчкөн күндөрдүн элесин тартып, жарашыктуу жалооруп...жалбырттайт. Кайра-кайра эңсеткени, кадам сайын сезилип, өтүп жаткан, “токтоп калган” (келип-кеткен) өмүрдүн да, көңүлдүн да илебин арттырат, тирегин тарттырат. Ал эми жоогазын менен кызыл гүлчү? Роза гүлүнүн көрүмдүүлүгү менен кооздугу эки бети анардай, эки көзү панардай, кымча бели кымкаптай, кумары туткан суусатпай, чырайы ашкан кыздардай сулуулукка гана тете, сулуулукка гана мүнөздүү. Бул жагдайдан алардын кайсыл түрүн, кайсыл гүлүн мисал кылып албайлы канаттуу-касиети, жөнөкөй жана татаал кудурет-таасирети, сын-сапаты, табияты менен артык. Бул ааламда тең-тери, кен-кери жок жандай, тан каларлыктай, өзгөчө, керемет келишкен, насил-буйругу, накыл жана бир кылка кымбат, болумушу кынтыксыз, кычыксыз, адамдын жан дил, жан дүйнөсүнө жакын, сүйкүмдүү, дамаамат сыйкырдуу.

Чындыгында жаратылыштын назиктиги жалгыз гана жан-жаныбарлар, канаттуулар, өсүмдүктөргө табиятка гана таандык эмес, жалпы эле турмуш-тиричиликтин кынтыксыз, кыйшаюсуз улантылышына да таандык.

Диссертациянын **“Элдик оозеки чыгармачылыктагы назиктик”** аттуу экинчи бапынын **“Жан ыргагы элдик ыр”** деген параграфында эмгек ырларынын эстетикасыталданат.



pdfelement

Кыргыз элибиздин музыкалык фольклордук чыгармачылыгы өзүнүн жаралуу, өсүп-өнүгүү жана калыптануу процессинде эки чоң баскычты басып өткөн. Бул эки чоң баскыч бир эле процессти түзүп, бири экинчисинкөрүмдүү, жугумдуу (прилипчивый, результативный) толуктап, биринчиси экинчисине өбөлгө, негиз болуп олтурат. Докторант андан ары ушул өзгөчөлүктү элдик ырлар жөнүндө буга чейин жазылган макалаларында да элибиздин эң байыркы эмгек ырлары: «Оп майда» жана «Бекбекейдин» музыкалуулугунун мисалында да ачып берүүгө аракеттенген. «Оп майданын» ритмикалуулугун, «Бекбекей» менен "Саксакайдын" ырааттуулугун- контилентүүлүгүнаныктаган. Эмгекырларындагымына ушул музыкалуулук элибиздин бул эки ырынын эки башка эң байыркы өзгөчөлүгү катары да таанылган. Бул музыкалык эки башка жик, өңүт өнүгүп-өсүп олтуруп, эки башка багыттын-музыкалуулуктун келип чыгышын негиздеген. «Оп майдадагы»-үзүңкүлүүлүк (ритмичность), «Бекбекейдеги»-ырааттуулук (контилент-түүлүк) созулуңкулуулук-ушундайча аваздык (волдык), аспаптык (инструменталдык) күү чыгаруучулук-музыкабыздын өнүгүшүнө алып келген, кийинчрээк бул бүтүндөй музыкалык адистик өнөрүбүздүн жаралышында өтө чоң мааниге ээ болгон.

Ал "Оп майда", "Бекбекей" жана "Саксакай" деген ырларынанкийин «Селкинчекти» алсак -элдик оозеки жанрлардын өзгөчө деңгээлге көтөрүлгөн формасы катары массалуулуктун, чер жазуунун алда канча жогорку көрүнүшүн туюнтат. Мында музыкалык искусствонун ырдоо, коштоо, аткаруучулук белгилеринен башка хореграфиянын байыркы элементтерин да жолуктурабыз.

Ушинтип, элдик ырларыбыздын ар кандай тариз, түрлөрү, булардын алгачкыларына салыштырмалуу андан кийинкилеринин, ортозарлыгынан да, андан берки мезгилге мүнөздүүлүгү ар башкача үлгүсүндө өнүгүп-өскөндүктү, өркүнү өсүп көтөрүлгөндүктү туюнтуп, ырчылык, күү чыгаруучулук (чертмекчилик) өнөрү рухий тереңдикке карай багыт алып олтурат. Горизонталдык өнүгүүсү вертикал да багыт тапканы байкалат.

Элдик ырлардын дагы бир назик көрүнүшү- «Шырылдаңга» таандык. «Шырылдаң»«Оп майда» менен «Бекбекейди» дагы бир кырдаалы менен толуктап турат. Бир туруп «Оп майдадагы» ыргактуулукка жакындап кетсе, бир туруп «Бекбекейдин» ырааттуулугу менен да айкалышып олтурат. Кыскасы, «Шырылдаң» дагы бир кырдаалы менен көрүнөт. Элдик чыгармачылык "Шырылдаңда" мурдагы, илгерки "ырым-жырым" формасынан калып, «ырым-сырым» өнүгүү жолуна түшөт.

«Шыр-шырылдаң шыр экен,
Жылкычынын ыры экен».

«Шырылдаң» сөздүн кенен маанисинде жылкычылардын турмушуна арналса да, бүткүл кыргыз элинин өзүнүн өзүнө, жаратылышка болгон назик түшүнүгү, байыркы учурдагы мезгил, аба ырайы, ага болгон жалпы

адам баласынын индивидуалдык-инсандык асыл мамилесин баяндайт.Жаратылыштын каардуу көрүнүшү менен бирге, адам баласынын назиктигин даңазалайт. Кашкайган чындыкты-как жарган адилет («реалист») экендиги (көз көрүнөө) байкалат. Аба ырайындагы жагымдуулукту даңазалоодон айрымаланып, бүтүндөй элдин чыдамдуулугун даңктайт. Жалпы эмгек ырлары жогорто белгилегендей, музыкалуулугу менен бирге турмуштун ак менен кара (өң, түс), күн менен түн (түп, тек), аял менен эркек (жыныстык) ж.б. эң байыркы так (точный, единичный), жуп (парный), тең-телки (равноправный), жеке (часть, частный), жалпы (общий), чаржайыт (абстрактный), айкын (конкретный) түшүнүктөрү жөнүндө кабардайт. Эмгек ырларынын негизги өзгөчөлүгү: элибиз өзүнүн тарыхый турмушундагы улуу башталыштарынын баарынын - музыкалуу жана жагымдуу, ачык, жарык-жаркын, таза, тунуктугунда, олуттуу, урунттуу, кенен туюнтуп, аны тамга менен баскандай, так айкынчагылтып олтурат.

Муну эмгек ырларынын жалпы контексти да айкын-ачык далилдеп турат.

Эмгектин **“Музыка-эстетикалык табылга”** аттуу параграфынын негизинде комуз күүлөрү иликтенет. Кийинки учурга чейин анын эс алдыруучулук же көңүл ачуучулук жагы гана көбүрөөк эске алынып келген болсо, азыркы учурда анын башка касиеттери менен бирге музыкалык-эстетикалык,музыкалык-аксиологиялык,музыкалык-философиялык көз караш-аспектилери да алга чыгып олтурат.Деги эле элдик аспаптык музыкабыздын таанып-билдирүүчүлүк, үндүк ой жүгүртүүчүлүк, тарбиялык, социалдык, маалымдоочулук, пикирлешүүгө чакыруучулук, карым-катнаштык, суггестивдик (таасир калтыруучулук) ж.б. кырдаалдары терең эске алынбай, көп маани берилбей, келген болсо, бүгүнкү күндө бул аспектилеринин ар бири өз алдынча жаңы иликтөө-тескөөлөрүнүн алдында турат. Элдик “Угузуу”, “Каралуу көч”, “Куу ингендин ботою”, ”Карагул ботом” аттуу күүлөрдүн музыкалык-эстетикалык, музыкалык-нравалык жагын талдап жогорку деңгээлде ишке ашырылгандыгын белгилеп, алардын трагедиялык, көтөрүңкү, идеялык маани-мазмунун, назиктигин талдап берет. Бирок ошого карабастан, комуз күүлөрүнүн тазалоочулук, ынандыруучулук, агартуучулук, туюнтуучулук ж.б. музыкалык -эстетикалык, философиялык өзгөчө сапат-касиеттери менен кереметинин ушул учурга чейин арбын изилдөө- иликтөөлөргө алынбайкеле жаткандыгын кийинки учурдагы рухий-интеллектуалдык дүйнөбүзгө болгон салкын мамиле деп баалоого болот. Мындай салкын мамилени жалгыз комуз күүлөрү гана эмес, улуттук аспаптык музыкабыздын башка түрлөрүнөн да байкап келе жатабыз.

Элдик музыкабыздын, анын ичинен да комуз күүлөрүнүн азыркы чурдагы эң негизги, өтө олуттуу маани-маңызы - назиктигинде. Назиктиги жагынан комуз күүлөрүнө гана эмес, деги эле музыкалык

чыгармачылыкка башка бир да өнөр тең келбейт. Музыкалык искусство бул жагдайдан кишинин жан дилин, ички жан дүйнөсүн чагылтууда көркөм өнөрлөрдүн баарын артта калтырат. Жагымдуулугу, жумшактыгы, таасирдүүлүгү жана жаркын, жакындыгы жагынан да искусство чыгармаларынан баарынан өйдө турат. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктиктин калыптанышында да комуз күүлөрүнүн салымы чоң. Күн өтүп адам баласынын ички дүйнөсү өскөн сайын анын кенен, белгилүүлүгү, массалуулугу дагы да артып-ашып келе жатат. Аваздык-ырдоо, аспаптык-чертмекчилик элдик-улуттук өнөр ушинтип бир жагынан, илгерки ата-бабаларыбыздын айлана-чөйрөсүндөгү объективдүү предметтердин, кубулуштардын кыймыл-аракетин, мисалы, жагымдуу, орчундуу, жакын, жаркын, назик кабылдоолорун; ошол эле учурда, экинчи жагынан, алардын«көкүрөк сыр», "көркөм дүйнө", "ой-толгоо", «ой-санаасын» анын назиктигин даңазалап келе жатат. Арийне, ал кайруу, кайрыктар, толгоо, буроолор элдик аң-сезимдин бийиктигине чейин көтөрүлүп, өнүгүп-өсүп, оожалып келе жатат. Ч.Айтматов сыяктуу жазуучуларыбыз чарпып келгенкомуз күүлөрүнүн көркөм-эстетикалык, моралдык-нравалык жана коомдук-философиялыкугутушулар менен эле чектелбейт. Улуттук аң-сезимде ал кыргыз баласынын ар биринин жөнөкөй, адал, асыл турмушунун маани-маңызы, кылымдардан бери өнүгүп-өсүп олтурган кебелбес рухий дүйнө катары күн өткөн сайынжаңы-жаңы кырларын ачып олтурат.

"**Назиктик-турмуш кырдаалы"** аттуу параграфта кыргыз элинин байыртан бери жашап келген символикалык-мифологиялык, эпикалык-баатырдык, эпикалык жана лирикалык чыгармачылыгындагы турмуштун реалдуу көрүнүштөрү, баяндоо-сыпатоодогу назиктиктин элементтери талданат. Илгерки кыргыздардын көркөм-философиялык көз карашына караганда реалдуу дүйнө, жашоо эки көрүнүштөн турат. Булардын бири-тыным, тыныгуу, тынчтык (покой) жана мунун карама-каршысы эмес, карама-кайчысы-тынымсыздык, бул дүйнөнүн, жашоонун, адепки ички булагы, ички көрүнүшү, анын маани-маңызы, турмуш-тиричилик, тынчтык, бейпилчилик жана аны менен бирдикте көрүнгөн, бир бүтүндүктө эриш-аркак бүткөн жайбаракаттык. Мунун экинчи "бетиндеги" көрүнүшү-тетиктик, тезаптык, тирикарактык (активдүүлүк). Бул кыймыл-аракет: үн чыгаруу, ишарат, сөз, кеп ж.б. байыркы доордон бери булар мененпараллель жашап келе жаткан акылмандык ой жүгүртүү, анын оозеки эстетикалык-философиялык чыгыш элдеринин акылмандык көз карашы кыргыздардын өзүнө жакын, окшош маани-маңыз, жан дил, жан дүйнө.

Бирок, илгерки кыргыздар, кыймыл-аракетти да экиге бөлүп түшүнгөн. Мисалы, кыймыл объективдүү көрүнүп, объективдүүлүгүндө мүнөздөлүп, (объективдүү болсо), аракет-субъективдүү. Алсак, кыймыл жаратылыштагы, коомдогу объективдүү көрүнүштөрдүн, кубулуштардын

pdfelement

предметтердин сын-сыпаты: Ала-тоонун салкын абасы, Көлдүн кооздугу, аракет адам баласынын өзү тарабынан жаралат жана анын өзүнө гана тиешелүүлүктү билдирет: астейдил, кош көңүл, жөндөмдүү, кең пейил ж.б. жеке жана жалпы турмуштагы кишинин максат-тилек, мүдөөсүнө байланыштуу ар түрдүүлүк.

Байыркыдан бери жашап келе жаткан ушул турмуштук, эстетикалык, философиялык түшүнүктөр жогорто белгилегендей, жашоонун, тиричиликтин ички көрүнүшү, маани-маңызы, бир жагынан, тыным, тыныгуу,экинчи жагынан: тыным тынымсыз-болбойт, тынымсыздык тынымсыз жашабайт.Булар өз ара эриш-аркак, ажырым-ажыраткыс, толук кандуулук, төгөрөк-томолокичен-өлчөм, айкалыш, гармония, жаратылыштын-табигый көрүнүшү, коомдун, адам баласынын өмүрүнө байланыштуулук, мыйзамченемдүүлүк. Бул улуу биримдик, биринчиден, андагы эриш-аркактык, экинчиден, турмуштагы өз алдынчалык. Бул улуу “Манас” баш болгон баатырдык, эпикалык оозеки чыгармачылыктын жаралышына алып келген жашоонун диалектикалык көрүнүшү. Экинчиден, ал тынч, бейпил турмуш, анын күбөсү, адилеттүүлүк менен акылмандуулук, анын чагылышы, даңазасы, -«Кожожаш» эпосунун да жаралышы жана көрүнүшү. Биринчисинде байыркы ата-бабаларыбыздын деги эле өзү менен өзүнүн, жаратылыштын-табияттын ар кандай сырлары менен болгон күрөшү, экинчиден, сырткы душман катары көрүнгөн ар кандай карамандай кара күчтөргө каршы жасалганаракет, ага кайра кайтарылган жооп, аргасыздык. Байыркы элдин ички турмушу жана анда жаралган өз ара зарылдык, андан келип чыккан реалдуу мамиле.

Элдик оозеки көркөм чыгармачылыгыбызга жеке, индивидуалдык тематиканын арбын кириши менен ага болгон талап - коомдук зарылдык. Лирикалуулуктун өнүгүшү эпикалуулук менен лирикалуулуктун айкалышы катары (көрүнгөн) ыр, күүлөрдүн жаңы формасынын өнүгүшүнө алып келген рухий дүйнө. Эпикалуулук менен лирикалуулуктун жаңы өңүтү- элдик оозеки чыгармачылыгыбыздын жаңы доору, элдик поэмалар-дастан жанрынын жаралышын негизи. Докторант дастан жанрынынкалыптанышы менен элдик жанр трагедиялык мотивдердин (трагедиялуулуктун) калыптанышынаалып келгендигин белгилейт. Лирикалык менен эпикалуулуктун эриш-аркагынан куралган элдик улуттук трагедиялык мотив мына ушундайча пайда болот. Ал көрүмсүздүгүнө карабастан,элдик жаңы жанр катары тааныла баштайт. Бирок,аны эч ким трагедия деп атабайт. Карапайым элдин башына түшкөн жаңы теңсиз, адилети жок «турмуш» анын өкүм-зордугу катары кабылданат. Бул элдик дастан,элдик поэмалар эл массасынын өзү тарабынан канчалык деңгээлде көркөм түзүлгөн болсо, кийинчерээк ал дастан, поэмалар жеке авторлор тарабынан ошончолук «ич күйдүлүгү», арман, кайгы, муң-зар катары аткарылып, калыптанат.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселесининпайдубалын түзгөн көркөм-эстетикалуулуктун бир кырдалы дал ушундайча пайда болот. Ал элибиздин кылымдардан беритурмуш-тиричилиги менен ой-пикирлеринде жашап келе жаткан коомдук гана көрүнүшэмес, ушундай эле этикалык-эстетикалык жана философиялык да алдыңкы ой жүгүртүүлөрүнүн көрүнүшү болуп эсептелет. Мына ушул көз караштан Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси да элибиздин кылымдардан бери жашап келе жаткан ар кандайайтуулары, реалдуу объективдүү дүйнөтаануулары менен дүйнөсезүүлөрүнүнкатнашында, күн санап оожалып өсүп-өнүгүп олтурганкөркөм-эстетикалык, моралдык-нравалык, коомдук-философиялык дөөлөтүнүнжыйынтыгыболуп эсептелет.

Ушинтип, бүгүнкү күн атыккан драмалуулугу менен гана эмес, ашкере гармониялуулугу: эпика-лирикалык, романтикалык ж.б. эстетикалык- нравалык тегинде байыртан берки адам баласынын баатырдык, эпикалык, трагедиялык, комикалык ж.б. таануударынан кийин назиктикмаселесин колго алып, адам баласынын өзүндө кылымдар бою кене курттай өтө катуу чүмбөттөнүп, жашырынып жашап келе жаткан корстукка каршы элдешбес күрөш ачып, аны адам баласынын тиричилигинен да биротоло кууп чыгууну эңсеп олтурат. Бир жагынан, тактык, конкреттүүлүк менен жөнөкөйлүктү, экинчи жагынан, көп түрдүү, көп тараптуу (гармониялуулукту) артык көргөн турмушмуну азыркы учурдун эң ири жана эң негизги максат, маанайы-кемчилдиксиз кененчилик жана теңчилик үчүн жасап олтурат. Эгерде, биз, бул маселени Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси менен айкалыштырып түшүнө турган болсок ал кыргыз элинин турмушунда “Биринчи мугалим” повестиндеги кыргыз айылдарындагы Дүйшөн курган мектеп менен ал эңсеген билим алуу, таалим-тарбиядан башталып, кийинки повесттери менен романдарындагы кейипкерлер аркылуу улантылып олтурат.

Диссертациянын **“Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынынкөркөм-эстетикалык табияты”** аттуу үчүнчү бапынын биринчи параграфы жазуучунун**“мезгилдик жана мейкиндикмаселесине”** арналат.**“Жамийла”повестиндеги назиктиктин көркөм-эстетикалык** табияты экинчи параграфда, **“Ак кеме”повестиндеги** Бала менен Момундун образында берилген **назиктиктинкоомдук маселелери**үчүнчү параграфда талдоого алынат.

Чебер жана залкар жазуучу катары Ч.Айтматов мезгил менен мейкиндик маселесине өтө кенен көңүл бурган. Анын кайсыл повесттери менен романдарына кайрылбайлы мезгил мененмейкиндик өтө чоң мааниге ээ болот. Реалдуу жана символикалык-мифологиялык образдарынын баары мезгил менен мейкиндикке байланыштуу түзүлүп, мезгил менен мейкиндикке жараша аракеттенип олтурат. Ал жазуучунун

pdfelement

чыгармачылыгындагы жаңы линия, жаңы багыт, реалдуу дүйнөнүн жалпы көрүнүшү, көркөм образдар менен кейипкерлердин жан дил, жан деми катары кенен жана масштабдуулугунда көрүнөт.

А эгерде, биз, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы мезгил менен мейкиндикти, анын ичинен да чексиздик менен чектүүлүктү назиктик маселеси менен байланыштырыа карай турган болсок, ал адабий, искусство таануу аспектисине сыйбай көркөм-эстетикалык, коомдук философиялык маселеледи да камтып отурат. Ушундай эле көйгөйлөрЧ.Айтматовдун чыгармачылык чеберчилигине же анын кейипкерлери, ал кейипкерлердин караманча жаңыча, өз алдынча түзүлгөн образынын табиятына да байланыштуу. Маселен, буга өткөн кылымдын 70-90- жылдаррга чейин жана адан кийин жазылган П.А.Флоренскийдин, В.П.Огородниковдун, Г.Н.Оботурованын, С.Т.Мелюхиндин, А.М.Мостепаненко ж.б. макала, китеп-эмгектерин эске алсак болот. Бул авторлордун айрымдары мезгил менен мейкиндиктин деги эле көркөм чыгармачылыкта пайдаланышына каршы чыгып келишсе, айрымдары кайра аны жактап келүүдө. Антикалык доордон берки түзүлүп келе жаткан тажрыйбага негизденсек, рухий-интеллектуалдык жалгыз гана конкреттүү илимдерге мүнөздүү эмес, искусство чыгармаларына да мүнөздүү. Ошондуктан бүгүнкү күндө мезгил менен мейкиндиктин эстетикалык маданияттагы, коомдогу орду менен ролун эске албоо  адамзаттын жалпы коомдук турмуштагы рухий-интеллектулдык маданиятынын орду менен ролун да эске албоо дегендикке жатат. Мындай учурда адабият жана искусство чыгармаларынын тарыхы менен теориясын да, эстетикалуулук менен көркөмдүүлүктүн, реалдуу “дүйнөнү рационалдуу кабылдоо, таануунун” “искусство чыгармаларынын мыйзамченемдүүлүгүнүнфилософиясын” талдоонун, эстетикалык түшүнүк, категория, закондордунинтеллектуалдуулугу жөнүндө деги эле сөз да болушу мүмкүн эмес дегендикке жатат. Булардын биринин көбүрөөк, экинчисинин азыраак жеңилжана татаал, турмушта реалдуу кенен жана аз пайдаланганына же көрүнгөндүгүнө карабастан, бул түшүнүктөр менен категорияларды, жаратылыштагы же коомдогу сулуулук менен назиктиктин критерия, принцип, функциясын эч качан жокко чыгарууга болбойт.

Чексиздик менен чектүүлүк ушинтип, бир жагынан, (философиялык) негизги категориялардын бири катары конкреттүү илимдерге гана мүнөздүү түшүндүрүлүп келген болсо, экинчи жагынан, анын бул илимийтар логикалык түшүнүгү мурдагы -“сенектик” формасы менен эле чектелбестен, адабият жана искусство асерлеринин ар кандай түрлөрү менен тармактарында, көркөм-эстетикалык, коомдук-философиялык жана башка таанууларда, айрыкча Айтматовго окшогон таланттуу жазуучулардын чыгармачылыгынын  мезгил менен мейкиндикке байланыштуулугу, шарттуу жана типтүү түшүнүктөрү, символикалык,

мифологиялык образдары, олуттуу жана орчундуу көркөм-эстетикалык жалпылоолору өтө кенен жана терең маани-маңызында көрүнөт. Анын кейипкерлеринин ички дүйнөсүнүн туюнтулушунун эпикалуулугу менен драмалуулугу кандайдыр бир деңгээлде бүгүнкү күндүн дили жана деми менен бирге жашоого үндөп олтурса, реалдуулугу менен романтикалуулугу окурманды жаңы тегиздиктер менен мейкиндиктерге үндөп олтурат.

Мына ушул көз караштан Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы мезгил менен мейкиндик: чексиздик менен чектелүүчүлүк маселесикөтөрүңкүүлүкменен назиктиктин өз алдынча өзгөчө айкалышы катары атайын изилдөөлөрдү талап кылып келе жатат.Реалдуу дүйнөнүн символикалык шарттуу көрүнүшү же анын символикалык эквиваленти катары, өз алдынчалыгы менен бир бүтүндүгүндө кыргыз адабий таануу илиминде эле эмес, боордош, тектеш элдердин чыгармачылыгында жана искусство таануу илиминин глобалдык деңгээлинде мезгил өткөн сайын, өзүндагы да өйдө көтөрүп олтурат. Жазуучунун чыгармачылыгындагы мына ушундайреалдуу дүйнөнүн жалпы көрүнүшү, көркөм-эстетикалык багыттагы жалпы жаңы линия, көркөм образдар менен кейипкерлердин жан дүйнөсү мезгил жана мейкиндик менен биримдикте берилет.

Тактапайтканда "...Ала Дөбөт" повестиндеги Лувр өрдөгүнүн канатынан бүткөн Жер материги, «Кылымга тете бир күн» романындагы жалпы адам баласы басып өткөн тарыхый үч мезгил, "Саманчынын жолундагы" Толгонайдын образынын реалдуу жана символикалык жагы мезгилдик-мейкиндик көз караштан: чексиздиктин чектелүүлүгүндө материалдык жана идеалдуу дүйнөнүн (демек, турмуштун) эмоционал-сезимтал рухий-интеллектуалдык жана, реалдуулуктун образдуу толук көрүнүшү катары Адам-Энелик деңгээлге чейин өсүп чыгат. Адам-Эне менен Жер-Эненин диалогу- көркөм-эстетикалык маани-маңызында тарыхый-логикалык, рухий-интеллектуалдыктын кенен чагылтылтылышы катары кабылданып олтурат. Мындай туюм жалгыз гана «Саманчынын жолунда» эмес, автордун башка чыгармаларында да,атап айтканда "Кылымга тете бир күн", "...Ала дөбөт", "Кыямат", "Касандра тагы", "Ак кемедеги" табылгалар, поэтикалык, эстетикалык-көркөм туюнтуулар аркылуу айкын-ачык, жогорку деңгээлде кабылданып жашап келе жатат.

Мезгил менен мейкиндик ушинтип жазуучунун бардык повесттери менен романдарында анын кейипкерлерлери сүйгөн, алар менен бирге жашаган жөнөкөй эле бир көрүнүш эмес, алардын айлана-чөйрөсү, тоо, суу, эгин, азык-түлүк, байлык, бакыттын (чектүүлүк менен чексиздиктин же чексиздик менен чектүүлүктүн) өзү, анын-чагылышы. Чексиздик (бесконечность) менен чектүүлүк (конечность) маселеси ойчул жазуучунун чыгармачылыгында реалдуу турмуштун комплекстүү көрүнүшү,реалдуу дүйнөнүн (Жер шарынын),бүтүндөй ай-ааламдын салтанатыкатары да ой калтырат.Жазуучу бирде адам баласынын ар

кандай шартта, ар түркүн абалдагы тагдырын сыпаттап, ал үчүн тынчсызданып олтурса; экинчи учурда аны менен эле чектелбей, алардын турмуш-тиричилигиндеги  ар бир предмет, көрүнүштөргө “сүңгүп” кирип, аны кенен, жайык туюнтууга дапалаттанат.Адам баласынын чексиз мейкиндиктеги ар кандайтагдырын,мезгилдин чектүү кырдаалдарын ар башка максаттан баяндап, алгачкы жазылган повесттеринин бири «Кызыл жоолук жалжалымдагы» Ильястын образында берилген чектүүлүк менен чексиздик кийинки повесттери менен романдарынын баарында иреттүү жана ырааттуу түрдө сыпатталып–талданып улантылып олтурат.

**“Жамийла” повестиндеги назиктик.**Адамзат өзүн канчалык деңгээлде объективдүү дүйнөнүн чагылтуучусу катары эсептесе да,ар дайым эле аны сулуулук же назиктикке байланыштырып караган эмес. Бирок, ал сулуулук менен назиктиктин адам баласына канчалык ынак жана жакын экендигин сезген күндөн тартып, искусство чыгармаларына ошончолук деңгээлде көбүрөөк ыктап, аны, искусство чыгармаларын, ошончолук деңгээлде өнүктүрүп, өзүнүн коомдук турмушу менен жаратылышындагысулуулук жана назиктикменен бирге биротоло түбөлүк жашапкалган деп айтууга болот. Искусство чыгармаларын турмуштун эң олуттуу, эң орчундуу жана эң активдүү тармактарынын бир бөлүгү, катары таанып, ага өзүнүн канчалык жакын экендигинбайкаса, ошончолук эле деңгээлде аны бардык жан дили, жан дүйнөсү менен эңсеп, сулуулук менен назиктикти да искусство чыгармаларындагыдай жаратылышы менен коомдук турмушунун бардык сферасынан аны көргүсү келген. Анткен себеби, ал, адам баласына, сулуулук же асылдык гана эмес, объективдүү дүйнөнүн дагы бир эң негизги сапат, касиети, өмүр менен жашоонун да эң негизгижана эң башкы маани- маңызы турмуштагы ар кандай корс, одоно, одоксондуктарга каршы турганакыл-эси менен аң-сезиминин ажайып туюнтулушу, турмуштун эң негизги максаты-өмүр көрөңгөсү менен өзүнүн назиктигин көргүсү келген. Анткен себеби, реалдуу объективдүү турмуш гана адам баласына ажайып назиктик менен бирге ар дайым жана дамамат айныбас толук кандуулук, толук маани-маңыздуулук тартуулап, бул касиетеринен (сулуулугу, асылдыгы жана назиктигинен) эч качан жаңылган эмес, адамдардынбаарын тең санап, (бай же кедей, улуу же кичүү экендигине карабай), ал дүйнөнүн жаркын, жакындыгынындагы бир касиети катары алардын баарына дамамат бирдей мамиледеги касиетин сактап келген. Булардын баары адам баласынажаратылыш менен табияттын эч качан айныбас, эч качан өзгөрүлбөс түбөлүктүү, эч качан кебелбес, кемибес жана эч качан жээрилбес, маани-маңызы менен бирге, сын-сыпат, сан-сапат тартуулаган дөөлөт катары көрүнгөн. Сулуулук менен назиктиктин мындай айкөл, асыл, адилет касиетин (мамилесин) адам баласы да өзүнө ар дайым жана дамамат өтөжакын, жаркын, экендигин кенен түшүнүп, терең кабыл алууга умтулган.Назиктиктин сулуулуктай “түбөлүк” сырдуу жана

pdfelement

түгөнгүс кумардуу дөөлөт экендиги да биротоло айкынболо берген. Ушинтип, сулуулукменен асылдык гана чексиз назиктигинде адам баласына эң жакын, эң кымбат дүйнөдөгү эң асыл жана эң ажайып көрүнүштөрдүн баарын кылымдар бою жалгыз өзү гана алмаштырып, жалгыз өзү гана ага түбөлүк тете келе турган сын-сыпат, сан сапат, касиет таба алган. Буга чейин жана мындан кийин да адам баласымындайчексиз кымбат, чексиз баалуу, купия сырдуу касиетти билген эмес. Адам баласы үчүн турмушта андан ашкан түбөлүк кумардуу, андан өткөн жакын,андан артык "боорукер", ажардуу жана баалуу эч нерсе болгон эмес. Адам баласынын көпчүлүк өкүлдөрү үчүн сулуулук менен асылдыктын бул касиетиназиктик менен бирге мынданжүздөгөн- миңдеген жылдар илгери жана мындан кийин да бүгүнкүдөйкөркөм-эстетикалык,поэтикалык ж.б. "каражаттарын", бедер-беделин "өз деңгээлинде" айкын-ачык, "сактап" калууга бет алган.

Назиктик маселеси ушиндай өзүнүн көркөм-эстетикалык жана коомдук-философиялык предмети, касиети, ички түзүлүшү менен ички маани-маңызы боюнча көп кырдуу жана көп жактуу. Ч.Айтматов өзүнүн "Жамийла" повестинде маселенин мына ушул рухий-нравалык жагына батыл кайрылып, аны объективдүү турмуштагыдай кенен ачып берүүгө далалат жасаган. Жамийла менен Даниярдын махабаты да бул жагдайдан Умай эне менен Бакай атанын "батасын" алгандай бактылуу жана барктуу жаралган.

"Бүткүл айлана-чөйрөнү кереметке бөлөгөн Даниярдын бул обонунун..." уккулуктуулугу менен жагымдуулугу "чыгыштан батышка чексиз созулуп жатканказак талааларын басып өтүп, анан "аскасы арыстандын азуусундай" көк тиреген кыргыз тоолоруна көтөрүлүп", анын бийиктигинен "кайра тегиздикке түшүп келип Жамийла менен Сейиттин жан дүйнөсүн ичтен алып, окурманды не деген ой толгоолор менен баштан өткөрүүлөргө чалдыктырбайт". Даниярдын обонунун мындайча ажайыптуулугун айрыкча сезген "айлана-чөйрө бирде дем чыгарбагансып тынып калса, андагы ар бир жерде өз-өзүнчө селдейип ыр уккан куурайлар менен леп деген үнүн баскан тентек жел да", "булардын баарына көз салып асманда акырын жылып бараткан ай да тыным алып ордунда туруп калгансыйт". "Августтун мына ошол айлуутүнүндөрүнүн биринде" Даниярдын мына ушундай сыйкырдуу обонунун назиктиги менен асылдыгына" канбаган Жамийла ошол күндөрдүн биринде өзүнүн кантип Даниярдын кучагына толгонун билбей калат.

"Жамийла" повестиндеги мезгил менен мейкиндик маселесин,кейипкерлердин махабатын Ч.Айтматов мына ушундай өзгөчө бир сөз жетпегенажайып кырдаалда чечмелейт. Чыгарманын поэтикалуулугу менен көркөмдүүлүгү адамга айрыкча эле бир эргүү тартуулап, повесттеги керемет назик махабат жана сүйүү каңкуулап, мезгил менен мейкиндик, жаштыктын жамалын жарыя ырдап, кусалыгы



pdfelement

толуп кумары ашкан сырдуу, сыры аркылуутаанылыполтурат. Кандай болсо да махабаттын, адам баласынын ички жан дүйнөсүнүн музыкалуулугун жөн эле буга чейин эч ким айтпагандай деңгээлдеачып салган бул повесттин таасирдүүлүгүнө сөз жетпейт. Эне сүтү менен бирге Ата Журтка алкыш алып келген перзенттик кубат-күч катары жалпы адамзаттын алкышын элестетип олтурат. Айрыкча чыгарманын поэтикалуулугу менен көркөм-эстетикалык таасирдүүлүгү, повесттин жалпы жумуриятка жарыяланганына жарым кылымдан ашык убакытөтсө да, дагы эле: "-мына, бүгүн жаңы эле жазылгандай элес калтырат". Луи Арагон айткандай "дүйнөдөгү эң сонун махабат катары" жашап, жаркын жароокердигин күбөлөп, көркөм-эстетикалык жана жалпы рухий-интеллектуалдык таңсыктыгын сактап келеатат. Дүйнөлүк журтчулук, дүйнөлүк маданияттагы жаркын жаштык отундагы ири, унутулгус күйүт, арман сыяктанып кабыргабызды капшырып, кабылданып келе жатат. Бир туруп, ал ар бир адамдын жаркын жаштыгын көз алдына тартып койсо, ошол эле учурда,бүткүл объективдүү дүйнөнүн ажайыптуулугу менен асылдыгын аябай адам баласынын аягына-керектүү дөөлөтүн төгүп, чыныгы назик жан дил менен чыныгы жан дүйнөнүн чексиз эмоционал жана чексиз сезимтал дүйнөсүн көрсөтүп келе жаткан сыяктанат. Бардык боордош жана тектеш элдердин чыгармчылыгына мүнөздүү жалпы жаңы көрүнүш катары жалпы жаңы көз караштар мененпикирлерди жаратса, ошол эле учурда, жалпы эстетикалык аң-сезим, бүткүл объективдүү дүйнөнүн азыркы жазмышына мүнөздүү азыркы учурдагы адам баласынын назик жан деминин чагылышы катары да кабыл алынып олтурат.

Андан ары повесттин кейипкерлеринин ички дүйнөсү кенен ачылып берилген автордун чеберчилиги XX-XX1 кылымдагы улуттук жана дүйнөлүк адабияттагы көрүнүктүү жана эң чоң ийгилик катары бааланат.

Ал эми кыргыз адабиятында ошол эле 50-60-жылдар жарыкка келген **"Ак кеме" повестичи?** "Ак кеме" повестинеарналган бул параграфта Бала менен Момундун образындагы назиктик реалдуу турмуштагы бейпилдикке, андагы токой, жан-жаныбарлар жазуучу сыпаттаган мезгил менен мейкиндик, айыл менен коруктагы эриш-аркак, биримдик, демек, андагы адамдардын жалпы жылуу жумшак-мыкты жана осол-орой мамилесине жараша чечилип берилип олтурат. Момундун образы аркылуу кылымдардан бери жашап келе жаткан ата-бабалардын адилет, каада салтына болгон өзүнүн сый-урмат, алдыңкы адал мамилесин билдирсе, Баланын образындагы назиктик коруктагы жаратылыштын кооз, сулуу, бейпилдиги аркылуу ачылат. Орозкулга окшогондордун корстугуна каршы жасалган протест ж.б. терс маселелер Момундун образындагы жаркын, көркөм каражаттар аркылуу чечилип берилет. Жазуучунун турмушту даңазалаган бул идеясы,этикалык, эстетикалык табылгалары менен ички күч, ички кубат, айлана-чөйрө, бүткүл теребел, жаратылыш

жана жамаат, коомдун өзгөчө эле бир биримдигинтүзүп, өз ара айкалышып, окурманды өзүнө тартып алып,байкалтпай сыпатталып олтурат. Айрыкча ата-бабалардын жан дүйнөсүн элестеткен Момундун мүнөзү канчалык жөнөкөй жана канчалык түйшүкчүл болсо, ошончолук деңгээлде бизди өзүнө тартып алып, жылуу, мээлүүн, ырыстанып, ыйыктанып олтурган сыяктанат.

Мындай шартта повестдеги Момундун образы кайсыл жагы менен назик, жана анын образынын назиктиги эмнеде?-деген суроо келип чыгат.

Өзүнүн табияты боюнча Момун жалгыз гана коруктагылар эмес, айылдагылардын баарынан, той-аштарда, чоң каада-салт, сый-урмат күтүп, өмүрдүн өктөмдүгүнө астейдил караган, кереге сакал аксакалдардан да өйдө турат болчу. Бирок, муну реалдуу турмушта эч ким байкаган жок. Эч кур дегенде, бул, ал жердеги улуу, кичүү бирөө-жарымдын капарына да келбеди. Андай болбогондо, кимдир бирөөлөр тарабынан: – Ой, андай эмес, мындай! – деп, кеп-сөзгө алынмак, кеп-сөзгө алынбаса да, чоң маселе катары анын эмгекчилдигине көңүл бурулмак.Анткени, Момундун образы Совет мезгилинде кандайдыр бир деңгээлде эскичиликти жактаган, эскиче жашаган адам катары экинчи планга калтырылып, Баланын образынын бир көрүнүшү же наристени тарбиялоого аракеттенгенадам катары гана түшүндүрүлүп келген. А кептин чын-чынына келгенде, жазуучу бул эки образдын экөөн тең бир көркөм-эстетикалык принциптен, бири экинчисин толуктап, бөлүп кароо-го болбой турган негиз-багыттан курган. Алсак, Момун Баланын образын толуктап гана турбастан, анын наристелигин өтө айкын сездирген, тарбиячы катары да берилет. Эстетикалык көз караштан айтканда, Момун менен Баланын образы айылдагы адамдарга гана эмес, бүткүл айлана-чөйрөгө анын тиги жандуу-жансыз жан-жаныбарлардын баарына, тактап айтканда, тиги тоо, таш, токой, сууга болгон акыл-эстүүлүгү менен боорукердиги жагынан өтө кенен, алдыңкыадамдардын бирикатары байкалса, ошол эле учурда, ошол эле тоо, таш, токой – Жаратылыш Орозкулга окшогондор тарабынан күн сайын кыйылып, жапа чегип, алардын таш боор, мээримсиздигинен жабыркагандыгы сүрөттөлөт. Жазуучунун мына ушул жалпы көркөм-эстетикалык көз карашы, андан келип чыккан ой-пикир, повесттеги оң жана терс кейипкерлердин линиясы эки чоң конкреттүү (коомдук) жана жалпы (философиялык) маани-маңыздан туюнтулуп олтурат. Момундун образы өзүнүн жеке көркөм-эстетикалык жүгүнөн сырткары коруктагы башка образдарды да толуктап турат. Анын ким экендигин, улуттун да жүзүн ачып берүүчү чыныгы «каражат» сымак сүрөттөлгөндүгүн эске алуу милдети келип чыгат. Ошол эле учурда, ал,адамдардын эртеңинен да үмүттөндүрө алат.

Мына ошондуктан Момун Баланы канчалык бапестеп чоңойтуп, өз бооруна тарткан сайын, Бала да аны ошончолук жакшы көрүп, анын жомогун, «ийгиликтери менен кемчиликтерин», ички жана сырткы жан

дүйнөсүн, мээримдүүлүгү менен боорукердигин, реалдуу турмуштагы анын жакындыгын элдин баарынан эртерээк сезип, эртерээк түшүнөт. Момундун мына ушул чыныгы ак көңүл, боорукер мамилесин айылдагылар түшүнбөй калганда,«атам жакшы!» деген сөзү мезгил өтүп, анын бүткүл жан дүйнөсүн ээлеп алган, башкаларга каршыжасалган протест катары көрүнөт. Натыйжада, ал протест, коруктагы башка себептерге кошулуп, аны суудай «тунук жана таза дүйнөгө» сүзүп кетүүгө аргасыз кылат. Ушул аргасыздык (дагы да күчөп), Момун адашып, Орозкулга окшогондор менен чай ичип калган учурга туш келет. (Элдик салт боюнча үйүнө келген конок менен чай ичпей коюу Момун үчүн өтө чоң адепсиздикке жаткан, ошондуктан ал андан баш тарта албайт). Мына ушундай мүнөзүнүн, табиятынын жумшактыгынан ал: «жок,мен силер менен чай ичпеймин!» – деп, туруп басып да кете албайт. Момундун мына ушундай элдик салтты өтө так аткарган, тил алгыч, тилге киримдүүлүгүн, анын мүнөзүндөгү же «…кажырлуу катаалдыгы жок» байкуштугунан пайдаланган Орозкулдар ага зордоп арак ичирип коюшат. (Момун дасторкон үстүндөгү Орозкулдун бул мамилесин: дагы эле күйөө баламдын мага болгон урмат-сыйы го?.. – деп түшүнөт).

Орозкул ошол эле учурда «бир көргөн кишиге да бечаралыгын байкаткан» Момундун жумшак мүнөзүнөн, мастыгынан пайдаланып, токой аралап келген бугуларды аттырат. Момундун образындагы мына ушул ак дил, жумшак, ак көңүлдүүлүк менен таң каларлыктай боорукердик жок жерден жарала калбастан, кылымдардан бери жашап келе жаткан элдик мүнөздүн түпкүрүнөн келип чыгат. Ал элибиздин турмушундагы көрөңгөлүү көрктүүлүк, эпос, дастан, ыр, күүлөрүндө өтө кенен чагылган ата-бабалардын каада-салт, атак-даңкы, кенендиги менен бирге жаралган мээримдүүлүгү сыяктанат. Момундун мына ушундай өтө эмгекчил, классикалык жөнөкөйлүгү, Орозкулга окшогондордун арасында “айыккыс” азапка чалдыгат. Повесттеги жомоктук эпизод доорубуздун улуу жазуучусунун Момун менен Баланын назик образдарын түзүп берүүдөгү негизги мотивировка катары атайлап жаратылышка, жаратылыштын назиктигине параллель коюу аркылуу ачылып берилет. Момундун айылдагылардын баарына: улуу же кичүү, картаң же жаш, аял же эркек дебей, бирдей, тең мамиледе болушу коомдук-тарыхый аспектинен сырткары да, анын өзүнүн жеке мүнөзүнө тиешелүү, анын ары адилеттүү, ары мүнөзүнүн назиктигине, алмуздактан бери өнүгүп-өсүп, жашап келе жаткан ата-бабалардын жалпы элдик сапат, жалпы элдик аң-сезимге байланыштырылып мотировкаланып олтурат.

Арийне,Момундун образындагы назиктик ушуну менен эле чектелбейт. Анын образынын назиктиги өтө эле эмгекчил, өтө эле боору-кер, адилет, теңчилдигинен башка да, өмүр бою бир жанга катуу айтпай, бирөөнүн көңүлүн калтырбагандыгында болчу. Өткөндү, ата-бабалардын асылдыгын, алдыңкы каада-салтын унутпай, аларды улантып, сактап ка-

pdfelement

лууга умтулгандыгы аркылуу да айкындалып олтурат. Анан, Момундун момундугунун дагы бир себеби менен айрымасы же анын эң негизги максаты: айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын баарын жаш-кары дебей, урматтап, бешиктеги баланын да көңүлүн калтырбай эч качан алардынкөз жашын көрбөсөмэкен, алар ыйлабаса экен деп турчу. Анын жан дүйнөсү чындыгында эле-тиги тоо суусундай тунук жана таза эле. Ошол эле учурда, ал элдин баарын өзүндөй көрүп, алардын баарына өзүндөй мамиле жасап, эч убакта үнүн катуу чыгарчу эмес, же катуу айтып, көңүл калтырганды билчү эмес.Башкалардын Момундан, Момундун башкалардан айрымачылыгы: «өмүр бою өзүм, менин үй-бүлөм, менин жеке чарбам, меники» дебестен, ар дайым, «элим, жерим» деп, көпчүлүктүн, жалпы айылдын, бугулардын кызматында болууну көздөчү.

Момундун образын Ч.Айтматов мына ушундай түзүп, аны жеткен орой, өзүмчүл, ары түркөй, кара ниет жана кежир Орозкулдун образына каршы коёт. Бул карама-каршылык Момундун образындагы назик ж.б. жеке сапаттары менен эле эмес, повесттин жалпы идеялык көркөм-эстетикалык мазмунунда Орозкулга окшогондордун корстугуна каршы күрөштө, оожалып, кубатталып олтурат. Бирок, жаратылыштагы назиктикэч качан бузулбайт, аны эч ким буза да албайт. Назиктик да назиктикке каршы турбайт. Ал Орозкулга окшогондордун айлакердик менен (назик мүнөз Момунга арак ичирип мас кылыпкоюшуп жаратылыштын назиктигине (бугуларга) каршы ок аттыргандыгынан да эч качан бузулбайт. Мындай учурда кайра назиктиктин назиктиги дагы да кашкайып бажырайыпачылат. Ал жаратылыш менен коомдогу назиктигинен эч качан ажырабайт.

Улуу Ата Мекендик согушка чейин жана андан кийин Кыргызстанда түзүлүп олтурган рухий-интеллектуалдык, тарыхый-коомдук жана жеке индивидуалдык маселелер мына ушундай өтө татаал, өтө чиелешкен кырдаалда кенен чагылдырылат. «Ата бейитте» жаткан атуулдарга жасалган-оройлук жана Төрөкул Айтматовго окшогон атуулдардын элдин иши деп буга чейин ар кандай зомбулукту баштан кечиргендигинин жаңырыгы, Момундун момундугу, жазуучу тарабынан мына ушундайча драмалык-трагедиялык өңүттө өтө таасын чагылтылып олтурат.

Кандай болгондо да жазуучу өзүбүздөгү назиктик менен сулуулукту, (көккө тете адамгерчиликтүүлүк менен меймандостукту) даңазалап, өзүнүн бул повестинде Момун, Бала, Жаратылыштын образын бир бүтүн биримдикте, эриш-аркактыкта түзүп, ошол эле кезде «назиктикти сактоо керек!» деп коңгуроо кагып чыгат!

Андан ары жазуучунун кейипкерлеринин табияты дагы да кененирээк талданып, ал түзгөн образдардын тек гана – турмуштун күрөө тамырын өтө катуу кармаган, эч качан жеңил-желпиликке моюн сунбаган, ар кандай татаалдыктарды жеңе билип, эл, жерин өтө бекем сүйгөн, ички дүйнөсү кенен, алибеттүү-кудуреттүү жана намыскөй экендиги белгиленет.

Диссертациянын **“Назиктиктин эстетикалык мааниси**” аталыштагытөртүнчү бап да **үч параграфтан** турат. Биринчи параграфында жазуучунун **көркөм-эстетикалык системасынын** айрым маселелери тескелсе,экинчи параграфында **назиктиктинкөтөрүңкүлүүлүк мененбайланышы** ачылып берилип, үчүнчү параграфында **назиктиктин эстетикалык бедер-беделинин** мааниси, Ортолук Азиядагы элдердин адисттик адабияты менен эстетикасында буга чейин сөз болбогон айрым маселелер талданат. Назиктиктин көтөрүңкүлүүлүк менен болгон табигый карым-катнаш, байланышынын алыс-жакын, солгун соңку кырдаалдары жөнүндө сөз козгойт. Оозеки чыгармачылыгындагы баатырдыктын табияты, анын символикалык-мифологиялык турпатынын көтөрүңкүлүүлүгү, рухий-интеллектуалдык чеберчилик, акындык чыгармачылыгындагы төгүп ырдоочулук, анын эстетикасы назиктик менен көтөрүңкүлүүлүктүн байланышы жетиштүү деңгээлде талданып берилет. Жазуучунун мифологиялык-символикалык, баатырдык образдарына, улуттук маани-маңызына,анын реалдуулугу менен идеалдуулугуна басым жасалат. Назиктик менен көтөрүңкүлүүлүктүн маани-маңызы, табигый, коомдук табияты, турмушта ээлеген орду такталып берилип олтурат. Ушундай эле бул баптын үчүнчү параграфында назиктиктинбедери (баалуулугу), бедели (кадыр-баркы), реалдуу турмуштагы ар бир адамдын биринин экинчисине кымбаттыгы, жазуучунун кейипкерлеринин өмүр күндөрү менен турмуш-тиричилигиндеги өз ара жаркын, жакындыктары, алардын жылуу-ыссык, сылык карым-катнаш, мамилеси, ар бир образ-инсандын өзүнүн-өзүнө, айлана-чөйрөсүнө, элгежасаган мамилеси, анын-оозурдуу, оозурсуз турмушка байланыштуулугу, турмуш тиричиликтин ж.б.маселелери ажардуу, алгылыктуу кырдаалдары да ачылып берилет.

Кийинки кезде, айрыкча XX кылымдын экинчи жарымынан тартып, улуу жазуучулар өз кейипкерлеринин мүнөзүн дагы да тереңирээк ачып берүү үчүн азыркы учурдун алдыңкы идеяларына, алдыңкы адамдарынын аң-сезимине кайрылып, аны менен бирге мезгилдин табигый түрдөгү (кечээки, бүгүнкү жана эртеңки) тарыхый сферасын эске алып, кечээкиден бүгүн, бүгүнкүдөн да эртең чоң ийгиликтерге жетишүүнүн камын көрүүдө. Мындай алгылыктуу изденүүлөр жана анын үзүрдүү, жемиштүүлүгү Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына да таандык. Ч.Айтматовдун жазуучулук чыгармачылыгынын эң негизги өзгөчөлүгү ушинтип көркөмдүүлүктү: мазмун менен бычын, шарттуулук менен типтүүлүктү, элдик оозеки чыгармачылыктагы акылмандык ой жүгүртүүлөрдү буга чейин эч ким мынчалык эриш-аркактыкта, чеберчиликте пайдалана абагандай деңгээлде ишке ашырат. Дүйнөлүк көрүнүктүү жазуучулардын бири катары турмуштун адабий-көркөм чагылышынын бир бычын (формасын) түзүп анын сыпатоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, «какшыган» талааларын «гүлзардуу» бакчага

айлантып, коом менен табияттын сулуу, асылдыгы назиктигине байланыштуу экендигин ачып берип, адамзаттын эмки, соңку ийгилиги реалдуу дүйнөнү эненин көзү менен карап жүрөгү менен туюуда экендигин белгилейт.

Өзүнүн көркөм-эстетикалык системасын түзүүдө Ч.Айтматов дал мына ушундай чеберчилигин көрсөттү. Бүгүнкү күндөгү турмуштун татаалдыгы менен масштабдуулугун толук жана алда канча реалдуу чагылтуу үчүн азыркы учурдагы инсандардын субстанциясына жооп бере алган жана бүгүнкү илимий-техникалык доордун өзгөчөлүгүн чагылта турган көркөм-эстетикалык системасын түздү.

Ал көркөм-эстетикалык системасында жер шарында жашаган Адам баласынын, Коомдун жана Жаратылыштын символикалык тарыхын, андагы коомдук проблемалардын баарын кайрадан жазып чыккандай абалда жашап өттү. Бүткүл дүйнөдөгү адамдардын турмушундагы, алардын өз ара карым-катнашындагы жылуулук менен жупунулукту (жөнөкөйлүктү) өтө жогору коюп, ымыркай перзент, наристелелерден тартып, Толгонай, Танабай, Момун, Эдигейдин образдарын Адам-Энелик, Адам-Аталык бийиктикке чейин көтөрүп, адам баласынын эмгекчил, түйшүкчүл образын бүткүл дүйнөгө даңк салды.

«Саманчынын жолу» повестинде жөнөкөй адамдын назик жан дүйнөсүн даңазалоо менен бирге согуштун-корстуктун (грубость): эң мыкаачы, эң жырткыч жүзүн ачты, экинчиден, согуш азабын өз керт башынан өткөргөн кейипкер катары, (чындыгында да Улуу Ата Мекендик согуш ар бир советтик адам үчүн дал ушундай болгон), энелер- Толгонай сыяктуу төрт жыл бою анын ар бир ай, ар бир күн, ар бир саат, мүнөтүн, кайгы-муң, ый, тынымсыз түйшүк менен өткөрсө, аталар – Субанкул сыяктуу үч баласы менен бирге согушка аттанып, андан кайтпай калды. Элдик турмуштан келип чыккан бул пикирди жазуучу, биринчиден, азыркы учурдагы адам баласынын акыл-эсине таянып айтып олтурса, экинчиден, азыркы коомдо жашаган ар бир адамдын «тууралыгы» менен «улуулугуна» таянып, анын жалпы прогрессивдүүлүгүн өйдө коюп, анын табигый, коомдук мыйзамченемдүүлүгүнө негизденет. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кылымдардан бери жашап келе жаткан акыл-эстүүлүктү негиз кылып алып, бүгүн аны андан ары улантуу вазийпасы мурдакыдан да өтө актуалдуу, өтө зарыл деп коңгуроо кагат. Үчүнчүдөн, азыркы кездеги илимий-техникалык, прогрессивдүү өсүштүн шартында согушка каршы күрөшүү жалпы экологиялык, жалпы ааламдык маселелерди туура жана адилеттүү чечүү, жүздөгөн, миңдеген эсе зарыл экендигин кайра-кайра эскерип олтурат. Бирок, бул жерде, жазуучу, анын канчалык зарыл жана канчалык керек экендигин эмоциялуулукка алдырбай, кыргыз элинин «керегем сага айтам, келиним сен ук, уугум сага айтам, уулум сен ук» принцибин карманат. Бул принцип ар бир элдин

коомдук карым-катнаш, алакасындагы назиктик принцибинен келип чыгат.

Мына кандай себептен Толгонайдын образы чыныгы элдин өкүлү катары элдик акыл-эс, аң-сезим, ыйман-ынсап менен кенен байланыштырылып берилет. Назиктиктин көрүнүшү катары ал Адам-Эненин образына чейин өсүп чыгып, Адам-Эне катары Жер-Эне менен диалогго чыгып, бүткүл адам баласынын бакты-таалайы, келечеги үчүн күрөшөт. Ал күрөш буга чейин колдонулган жаатташуу, касташуу, кармашуу, согуш (корстук) жолу менен эмес, өз ара ишеним, ынандыруу, сыйлоо-урматтоо (назиктенүү, назиктик) жолу менен өтүүсүн жактайт.Толгонай өзү да согуштун (корстуктун) күчөп турган учурунда мына ушул принципти сактап жашап калат. «И такой подход правомочен, – деп жазат Р.Жангужин жазуучунун чыгармачылыгын эң туура түшүнүп. – Мать-земля, дающая жизнь всему живому, и мать человеческая, созидающая и растящая это живое на земле, во многом равны, если уместно это выражение, сотрудничают, нам то равенство между ними, которое мы видим в повести. Мы как бы присутствуем при разговоре двух женщин. Вместе тем это не бытовой разговор (разве возможен разговор о суетных мелочах с землей), это разговор о самом главном, самом сокровенном. Поэтому и образ Толгонай, при всех присущих ему человеческих качествах, персонифицирует в себе образ матери человеческой, матери созидающей, матери скорбящей». Мындай жогорку бааны мурда боордош элдердин адабияты гана эмес, символикалык маани-маңызында чет эл адабияты да буга чейин билген эмес болчу. Ушинтип, жазуучу өзүнүн көркөм-эстетикалык системасындагы символикалык жана конкреттүү образдардын биримдигин (Толгонай, Субанкул, Касым, Жайнак, Майсалбек, Алиман (жана Совет элинин) образдарысыз Адам-Эне, Жер-Эненин, жалпы элдин-массанын (мейкиндик), Саманчынын жолу (мезгилсиз) жана буларды мезгил менен мейкиндиктен биротоло бөлүп алып кароого болбойт). Повесттеги назиктик маселеси: Адам (назиктик), Согуш (корстук), Өмүр (назиктик), Өлүм (корстук) сыяктуу төрт категория аркылуу чечилип берилет. Адам дамамат Өмүр үчүн күрөшөт, Согуш ар дайым Өлүм алып келет. Өмүр бар жерде өсүү-өнүгүү бар. Согуш башталган жерде ынтымак-ырыс кетип, чыр-чатак, кастык, бузулуу, кыйроо каптап, корстук өкүм сүрөт.

Бейпил турмуш, мамыр-жумур жашоо – назиктик.

Азап-тозок, кайгы-капа, кыйроо – корстук.

Мына, жазуучу бул повестинде жана андан кийинки жазылган чыгармаларынын баарында ишке ашырган көркөм-эстетикалык эң жогорку идея, жашоо, турмуш-тиричиликтеги эң негизги жана эң башкы маселе жана маани-маңыз.

Кыргыз элинин оозеки маданияты менен эстетикалык аң-сезиминдеги**назиктик менен көтөрүңкүлүүлүктүн байланышын,**

“Манас” башында турган улуу жана кенже эпосторундагы баатырдыктардан, ырчылык –айтуучулук өнөрүндөгү рационалдуулуктан байкоого болот. Биринчисинде көтөрүңкүлүүлүк “таза, тунук” кырдаалында чагылса, экинчисинде элдик чыгармачылык-ырчылык каада, салт-санаа менен бирге көрүнөт. Назиктик менен көтөрүңкүлүүлүктүн айкалышынын роль, орду өтө чоң. Бул жалгыз гана биздин кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына мүнөздүү эмес, дүйнөдөгү көпчүлүк элдердин чыгармачылыгында мүнөздүү. Маселен, байыркы грек акылманы Платон көтөрүңкүлүүлүктү турмуштагы өзгөчө жашырын сыр, чыгармачылыктагы эргүүнүн булагы катары караса, ошол эле доордун өкүлү Лонгин көтөрүңкүлүүлүктүн булагын адам баласынын өзүнөн көрүп, аны кишинин жан дүйнөсүнүн улуу жаңырыгы деп атайт. Ал кишини ишендирип же ынандырып гана тим болбостон, дамамат таң калтырып олтурат жана ал ишеним менен үмүттөн да өйдө турат деп жазат. Көтөрүңкүлүүлүктүнтаасирдүүлүгү менинсыйкырдуу касиети, адамдарды ар дайым ар кандай майдалыктан, санда жок берекесиздиктен сактап, жан дүйнөсүн аалам салтанатынын кереметине чөмүлтүп, ажардантып, күтүлбөгөн сүйүү жана улуулук тартуулайт.Анын категория катары таанылган алгачкы учурунан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки тарыхына көз чаптырсак, турпат, табияты да бир топ опурталдуу. Бирок, ошол эле учурда, ал табиятка жакын жана табият аркылуу аныкталса да, адам баласынын тили аркылуу ишке ашырылат. Анткен себеби, анын кабылдангандагы таасирдүүлүгү-биз каалап-күсөгөндөн да бир нече ирет ашып түшөт.

Канттын жазганына караганда да ал дүйнөнү эстетикалык негизде үйрөтүүчү эң башкы категориялардын бири. Күн өткөн сайын өзүнүн актуалдуулугунун жаңы-жаңы кырын ачып келет, анын “математикалык бөлүгү” адам баласынын дүйнөтаануусунун сандык мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу болсо, “динамикалык бөлүгү” таануунун сапаттык жагына байланыштуу, адамзаттын «акыл-эсине сыйбаган» чексиздиги менен өзгөчөлөнүп турат.Көтөрүңкүлүүлүк коомдук прогресстин да эң активдүү катализатору жана анын эң чоң алга жылдыруучу деми катары да көрүнөт. Көтөрүңкүлүүлүктүн назиктик менен болгон жакындыгы адамды өтө терең таасирлентүүчү, кишини өтө күчтүү сүрөөчү ыкмаларынын ар түрдүү жана ар кандай экендигине карабастан, жеке жана коомдук турмушта өз ара бир бүтүндүктү түзүп турат. Көтөрүңкүлүүлүктү назиктикке салыштырып караганыбызда, классикалык эстетиканын өкүлдөрү айткандай, анын өтө эле апыртмалуу жана орчундуу экендигин байкайбыз. Бирок, Ортолук Азияда, деги эле түрк дүйнөсүндө бул маселе буга чейин канааттандырарлык деңгээлде изилденбей келген. Түрк элдеринин ичинен кыргыздар менен казактар эстетикалык-көркөм ойлорго, асылдык, трагедиялуулук жана назиктик сыяктуу категорияларын, түшүнүктөрүн даңазалаган чыгармаларга өтө бай.



pdfelement

Кыргыз элинин реалдуу турмушунда жана элдик оозеки маданиятында манасчы, жомокчулардын, ырчы, дастанчылардын, акындардын, комузчулардын чыгармачылыгындакөтөрүңкүлүүлүк менен назиктикке өтө кенен орун берилген. Докторант айткан оюн далилдөө максатында бул диссертацияда кыргыз элинин баатырдык эпостору менен эпикалык сүрөттөөлөрүн, акындык чыгармачылыгын да кенен талдап берет.

Назиктик – назиктиктин принциби өзүнүн абсолюттук тегинде жалпы аалам, мезгил жана мейкиндиктин мээлүн кыймыл-аракети, ал мээлүн кыймыл-аракеттин өзү, андан бөлүп алгыс, бөлүп алып кароого болбой турган көрүнүш. Анын жалпы жаратылыштык жана жалпы коомдук көрүнүшү, рухий, интеллектуалдык формасы, ушул бычын-бычымында тейленип-тескелүүгө мүмкүн болгон, башка эстетикалык категориялардан ажырымданып турган, дегинкисинде, жашоонун, өмүрдүн өзгөчө көрүнүшү.

Назиктиктин, асылдык жана көтөрүңкүлүүлүк менен болгон айкалышын биз Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы шарттуу, типтүү, поэтикалык, көркөм, мифологиялык-символикалык образ, каражаттардан да байкайбыз. Жазуучунун көркөм образ, каражаттарынын баары көз караштан назиктикке баш ийдирилип, назиктик принциби боюнча түзүлөт.

Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы көпчүлүк учурда бүтүндөй эле эстетикалык ой-сезим, модификация, түшүнүк, категориялар: асылдык, көтөрүңкүлүүлүк, назиктик ж.б. көрүнүштөргө байланыштуу өнүгөт. Бул эстетикалык түшүнүк-категориялардын акындык чыгармачылыктын теориялык, практикалык жагынан кандайча ишке ашып, анан, анын ар бир өкүлүнүн индивидуалдык чыгармачылыгында өз бийиктигине көтөрүлгөндүгү - өз алдынча атайын изилдөөнү талап кылат. Андан ары докторант айтыш өнөрүнөн мисал келтирип мына ушул жеке жана жалпы психологиялык,көркөм-эстетикалык көрүнүштөр ар бир жаш жана залкар акындардын ырчылык-төкмөчүлүк чыгармачылыгында өз алдынча өздөштүрүүнү талап кылгандыгына басым жасайт. Элибиздин дүркүрөгөн кол чабуулары менен коштолгон төкмө акындарыбыздын татаал таңсык өнөрү «аскасы арстандын азуусундай» Ала-Тоонун койнунда өзгөчө шаңдуу чыгып, шаңдуу угулуп, төкмө акын, ырчыларыбыз өздөрүн таптакыр башкача сезип калары күдүксүз. Мындай учурда бул алардын жеке ырчылык чыгармачылыгына гана байланыштуу эмес, ал чыгармачылыкты коштогон сырткы объективдүү, реалдуу компоненттерге да байланыштуу. Докторант кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы көтөрүңкүлүүлүктүн эпикалык, баатырдык жагдайын айкын ачып берүү үчүн анын эпос, дастан жана аркандай элдик айтуулардагы формаларын талдап берет. Маселен, докторант өзүнүн журналисттик чыгармачылыгында күбө болгон мына мындай фактыны мисал кылып алат. Төкмө акын Тууганбай Абдиев биринчи жолу улуу төкмө Калык Акиевдин ырчылык чеберчилигин укканда капыстан эле

өзүн «жоготуп коюп”, аны өзү да айкын байкабаган иррационалдык абалы жөнүндө айтсак, Ашыралы Айталиев, Калык Акиевди биринчи жолу укканда, залкар акындын ырчылык чеберчилиги аны кандайча басынтып, чөгөрүп, чүнчүткөнгө чейин алып баргандыгын, анан, бул таасирден кийин ал белгилүү учурга чейин, дээрлик ырчылыктан көңүлү калгансып, жөн эле басып кеткенин айтат. Акындыктын ушундай эстетикалык көтөрүңкү (возвышенное) таасириошол учурдагы эки жаш акындарыбыз тарабынан эки башкача кабылданып, ал учурда бул өтө жаш эки акыныбыздын чыгармачылыгына ак таңдай, залкар Калык Акиевдин ырчылык чеберчилиги көз жетпеген улуу тоо, аска болуп көрүнөт. Ал чексиз бийик аска тоонун алдында эки жаш акын эки башка кырдаал, шартта өздөрүн арзыбаган көлөмдөгү бир “тирүү жан” сезип калышкандыгын айтышкан. Бул эки башка учурдагы эки жаш акындын эки түрдүү таасирленүүсү: ырчылык турмуштагыкөтөрүңкүлүүлүк (возвышенное) менен назиктиктин (нежное) көрүнүшү катары унутулбай көпкө чейин алардын эсинде калган. Кант да көтөрүңкүлүүлүктүн таң каларлыктай чексиз «күч-кубаты» реалдуу турмушта, көркөм чыгармачылыкты жаңыдан үйрөнө баштаган жаштарга ар дайым дал мына ушундай таасир калтырганынбелгилейт.Ал эми  ошол эле Калык Акиевдин жаш кезинде төкмө акындыкты улуу Токтогул Стылгановду көп жылдар ээрчип жүрүп  үйрөнгөнүн эске алсак  кыргыз элинин байыртан бери жашап келе жаткан бул өнөрдүн сыры бүгүн да табышмак бойдон калып келе жатат.

Төртүнчү бапынын үчүнчү параграфында**назиктиктинэстетикалык бедер-бедели**каралат.Азыркы учурдагы эстетикалык-философиялык илимдеги ары эң олуттуу, ары өтө татаал маселелердин бири, аң-сезим (чувственное) менен ой жүгүртүүнүн (мысленное) катышын туура аныктоодо турат. Бул маселеге буга чейин көптөгөн илимпоз, философтор далай ирет кайрылышса да, искусство чыгармаларынын маани-маңызы менен эстетикалык аң-сезимдин бүгүнкү күндөгү өсүп-өнүгүү деңгээли, эстетикалык категориялардын функционалдык милдети, карым-катнаш, айкалышы толук, так жана жайык изилденип бүтө элек. Кийинки кезде бул маселе эстетиктер менен философдордун арасында ар кандай ой, көз караштардыжаратууда.Учуру келген сайын жаңыланууну талап кылып олтурган мезгил аны ар кандайча түшүнүп, ар кандайча аныктап келүүдө. Бүгүн ага дагы бир ирет кайрылып, дагы бир ирет карап чыгууну талап кылып олтурат.

Бирок, сезим (чувство) Батыш өлкөлөрүндө, Батыш окумуштуулары тарабынан ар кайсыл учурда ар кандайча, өз ара айкалышта да, бири экинчисинен ажырымдалып да каралып келген болсо, Чыгыш өлкөлөрүндө Чыгыш маданиятынын өкүлдөрү тарабынан өз ара биримдикте, бири экинчисинен эч качан бөлүнүп каралган эмес. Чыгыш маданиятында акыл-эске кандай роль таандык болсо, ошондой эле ролду

сезимге да таандык деп эсептешкен. Реалдуу дүйнөнү таануу процессинде сезим акыл-эстей эле маани-маңызга ээ болгон болсо, Чыгыш адамдарынын өкүлдөрү үчүн сезимдин өзгөчөлүгү да, өз алдыналыгы да акыл-эс менен бирге жашап, андан ажыратылып каралган эмес. Башкасын айтпаганда да, бул өлчөм доорубуздун улуу жазуучусу Ч.Айтматовдун повесттери менен романдарында, ар дайым өз деңгээлинде сакталып, анын чыгармачылыгындагы миф, легенда ж.б. каражат, айтууларда сезимталдуулук менен логикалуулуктун табигый комплекстүү айкалышында кенен сакталып, пайдаланылып келе жатат.Ошол эле учурда, бул көркөм-эстетикалык катмарлар жазуучунун «Жамийла», «Ак кеме», “...Ала Дөбөт”,”Кыямат”, «Кылымга тете бир күн» повесттери менен романдарындагы мазмун менен форманын эң жогорку көрүнүшү, өз алдынча ири жетишкендик, чеберчилик, эң ири жана эң туура эффективдүү факт катары таанылып олтурат.

Бул тууралуу Ч. Айтматов өзү да: «Я думаю, что у каждого писателя должна быть свои точка отсчета, своя точка присоединения к земле. Конечно, весь опыт при этом должен быть в синтезе, в совокупности.

В каждом конкретном случае есть проблемы, которые могут быть осмыслены в общечеловеческом значении» деп жазат.

Жазуучунун жалпы эстетикалык, коомдук-философиялык багыты, реалдуу-идеалдуу же символикалык-мифологиялык образдар, лирикалык-эпикалык, эпикалык-лирикалык, романтикалык-драмалык аспект, көз караштардын синтези, көркөм-эстетикалык көз караштардын баяндоо, сыпаттоолорунун, синтезинин өз алдынча, айкалышы катары да ой калтырат. Бул принцип, милдеттер жазуучу түзгөн өлчөм, өңүтүнөн эч качан жаңылбайт. Жазуучунун чыгармачылыгынын чордонунда жаткан аң-сезим менен акыл-эстин жаңы курам катмары катары коомдуккарым-катнаштын мүнөзүнө байланыштуу анын жаңы маани-мазмуну, формасы катары да калыптанып олтурат.Ал буга чейин козголгонморалдык-нравалык, рухий-интеллектуалдык конфликтик чыгуулар менен ташкынды элестетпесе да, муундар аралык мамилелердин сапатын түзөөгө масштабдуу жана кенен эмоционалдык-сезимталдык негизде киришип, токтоо, оор басырыктуулугу, интеллектуалдык-рухий, нравалык бийиктикке көбүрөөк басым жасап, аны жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп олтурат. Көркөм-эстетикалык таануудан дүрт алган илимий, көркөм-эстетикалык бул процесс, бул процесстин зарылчылыгы ушул учурга чейин өтө эле маскировкаланган, же өтө эле байкатпас чүмбөт жамынган ар кандай корстуктар менен мыйзамченемсиздиктерге каршы күрөштө ал өзүн күн өткөн сайын түзөп жашап келе жатат.

Өркүндөө мезгили, классисзмден кийин келген Агартуучулук доордо да назиктик модификация, түшүнүк же категория катары өз алдынча изилдөөгө алына баштабаса да, турмуштагы сентименталдуулук менен романтикалуулуктун көркөм чыгармачылыктагы лирикалуулуктун бир

көрүнүшү, же эстетикалык маданияттагы көтөрүңкүлүүлүктүн, асылдыктын, пастык (низменное), осолдукка (бозобразное) каршы турган бир касиети, деги эле искусство чыгармаларындагы алдыңкы ой-пикир, тенденция катарыдүйнөдөгү элдердин адабияты менен искусство чыгармаларынан да кенен көрүнө баштайт. Ушул учурга келип өзүнүн өтө чоң апогеялык бийиктигине чейин өсүп чыккан немецтик классикалык эстетикага байланыштуу Кант, Гегель, Гёте, Баумгартен, тарабынан өтө жогору бааланган, өтө опурталдуу орошон ачылыштар жаралса, адам баласынын турмуш-тиричилиги менен аң-сезиминде кене курттай жашаган дүйнөлүк корстук, дүйнөлүк түркөйлүккө каршы чыккан күрөш өзүнүн көлөм-масштабы жагынан теңсиз чоң карама-каршылыктарга же буга чейин дүйнөлүк аң-сезимде көп байкалбаган жаңы тоскоолдуктарга учурайт. Дал мына ушул учурга келип назиктик маселеси мурда тарыхта байкалбаган жаңы деңгээли, жаңы маани-маңызы менен көрүнөт.

Алсак, дүйнөлүк эстетикалык илимде өтө чоң мааниге ээ болгон назиктикке байланыштуу мына ушундай тунук жана таза, назик акыл-ойду Гёте айтат. Ал буга чейин эч кимдин оюна келбеген кадимки эле «кызыл гүлдү (розаны) дүйнөдөгү кереметтердин (эң улуу) эң жогорку көрүнүшү» деп атайт.Гётенин табияттын назиктиги жөнүндө айткан мына ушул ою, биринчиден, жаратылыш менен коомдук аң-сезимдин тогошунан куралган, киши “үч уктаса да бир ирет түшүнө кирбеген” ошол заманда, адамзаттын кийинки учурдагы коомдук оожалуулары, көркөм-эстетикалык аң-сезиминин келечектүүлүгү тууралуу кабар берип турса да, ошол эле учурда, дүйнөдөгү бардык адамзаттын кызыл гүл сыяктуу асыл, назик, таза жана тунук экендигин билдирет. Бирок, улуу жана гениалдуу акындын бул алдыкы ою бүткүл адамзат тарабынан туура жана түз кабыл алынбагандыктан, (экинчиден, мындай улуу табылга, улуу идея калың элге жетпегендиктен), анын тамырлап же бутактап кетишине жаңыдан “кайраттанып” өнүгө баштаган капиталисттик түзүлүштүн олдоксон, ыксыз «шамал-куюндарынына» кабылгандыктан, немецтик классикалык философиянын жылуу аптабы да ага каршы турууга алсыз жана каруусуз болуп чыгат. Бирок, ошол эле учурда, адам баласынынар бирине таандык немец элинин гениалдуу уулу Гёте айткан бул ой биз талдап жаткан аспектинде, эстетикалык жаңы ачылыш катары өз деңгээлинде өтө жогору бааланбаган болсо да, бүгүнкү күнгө келип, ал өзүнүн жаңы мезгили менен мейкиндигин таап, өз алдынча өзгөчө өктөмдүгүндө жогору бааланып кенен жащап келе жатат. Арийне, мындан немец элинин улуу уулу, гениалдуу акындын эстетикалык көз карашынын маани-маңызы өтө жогору көтөрүлүп, назиктик жагы өз убагында түшүнүлбөй,көмүскөдөкалган деп айтууга да болбойт.

**Корутунду**

XX-XX1 кылымдын улуу сүрөткери, чоң даанышман,ойчул жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси мейли ал эстетикалык критерия, принцип, эстетикалык категория же эстетикалык философиялык түшүнүк болсун бизди мына мындай ("табышмактуу") ойго кабылтпай койбойт. Анткен себеби, бүгүн назиктик маселеси көз көрүнөө, айтылуу АКШда же Европанын алдыңкы бай өлкөлөрүндө эмес, кыска мезгилдин ичинде эки революцияны башынан кечирген Ортолук Азиянын аскасы асман тиреген бийик тоолорунун арасында (анын адабий таануу илими менен искуствосунда) пайда болуп олтурат. Чындыгында, бул бир жагынан, өтө таң калыштуу үзүрдүү,үлгүлүү окуя болсо да, экинчи жагынан, мунун илимий-технологиялык жана маалыматтык доорунда көрүнүп олтурушунунэч кандай деле таң калыштуу же опурталдуу жагы жок деп да айтууга болбойт. Анткен себеби, дал ушул бийик тоолуу Кыргызстандын шартында кечөө эле кыргыз элинин дүйнөдө теңдеши жок өнүккөн оозеки чыгармачылыгы менен бирге азыркы илимий-техникалык, маалыматтык доордун тогошу адам баласынын руханий, нравалык аң-сезиминин жаңы кырдаалын, биринчиден анын карамандай жаңы маани-маңызынын (сущность) мыйзамченемдүүлүгүн далилдеп, айкындап олтурса, ошол эле учурда, ал экинчиден, жалпы, массалык, жалпы элдик рухий-интеллектуалдык, коомдук жана жеке индивидуалдык инсандык системалык оожалуу процессинин алгачкы арым-кадамыэмеспи деген ой-пикирге алып келбей койбойт. Мында маселенин өз алдынчалыгынан да анын доорубуздун сүйүктүү жана кеңири белгилүү жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында аркылуучагылган,бүгүн жалпы адабиятчылар менен искусство таануучулардыкайдыгер калтырбаган көркөм-эстетикалык, рухий-интеллектуалдык социалдык жаңы маани-маңызменен формасы өз алдынча көрүнүполтурат. Ал бүгүн бардык боордош элдердин жана алардынадабият, искусство ишмерлерининбаарынын көңүлүн өзүнө бурбай койбойт деп эч ким айта албайт.Демек, биринчиден, Ч.Айтматовдун повесттери менен романдарындагы ааламдын символикалык-мифологиялык, эпикалык-баатырдык ж.б. көркөм-эстетикалык дөөлөттөрүнүн (системасы) кыргыз элинин өткөнкү тарыхы менен жөндөн-жөн эле коштошо албаган бүгүнкү информациялык доордун зарылдыгынан чыгып келип олтурса, ошол эле учурда, ал, адам баласынын кечеки тарыхы менен бүгүнкү күндөгү жетишкендиктери, кылымдардан бери жашап келген корстукка каршы (доорубуздун залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында назиктик идеясынын көркөм-эстетикалык теориялык жагынан негизделишине себепчи болуп олтурат. Кептин чындыгы да мына ушундай эмеспи..., феноменалдык жазуучунун дүйнө элдерине, дүйнөлүк окурмандарга калтырган чыгармачылыгы корстуктун "негиздөөчүсү" жана анын негизги "алып жүрүүчүсү" катары таанылган адам баласынын -жалгыз өзүнүн гана



pdfelement

келечегине болгон тынчсызданундан келип чыкпастан, жалпы ай аалам, Жер шары, андагы жашоо, өмүр сүрүүнүн булагы катары эсептелген Жаратылыш: токой, суу, тоо-таш, жан-жаныбарлар, канаттуулар, өсүмдүктөргө болгон "улуулуктан" жана аларга болгон чексиз терең сүйүүдөн, бул чексиз терең сүйүүнү жаратып олтурган жалпы ааламдык дүйнөтаануунун бүгүнкү муктаждыгынан чыгып келип олтурган жокпу деген суроо туулат. Феноменалдык жазуучунун чыгармаларына болгон терең сүйүү, анын бизге, обьективдүү дүйнөгө берген "назиктик идеясы" адам баласы обьективдүү дүйнөнү Айтматов сыяктуу канчалык даңазалап олтурса да, обьективдүү дүйнөнүн адам баласына күн сайын алып келген бактылуу, ырыстуу турмуш анын бүткүл коомдук тарыхый жакшылыгынан да сан жеткис санагында ашып түшүп, эч качан эстен чыккыс болуп калып олтурат**.**

Адам баласынын көркөм-эстетикалыкдүйнөкабылдоо, дүйнөтаануусундагы инсанды алга сүрөгөн назиктик идеясы бүгүн биздин алдыбызда турган дагы мына кандай көрөңгө милдет, табияты менен көрүнүп олтурат:

1. Ушул учурга чейин илимпоз, философдорубуз толук жана так аныктай албай келген эстетикалык көп сырлар ачылды. Маселен, байыркы антикалык доордон тартып биздин ушул ааламдашуу доoруна чейин эки жарым миң жыл бою ачылбай келген сулуулук гана эмес, асылдыктын да бүгүн назиктикке байланыштуу экендиги аныкталды.

2. Илим, техника кенен өнүккөн азыркы учурда назиктиктин сапаттык касиети сулуулуктун сапаттык касиетинен канчалык деңгээлде улам көбүрөөк алыстап баратса, адам баласынын бул категорияларга жасаган мамилеси да ошончолук эле дегээлде дагы да жогорулап келе жатат. Мындай абалда жалпы дүйнөдөгү асылдык менен сулуулук гана эмес, ал асылдык менен сулуулукка байланышкан жана андан окчун турган предмет, көрүнүштөр жана алардын баарынын кымбаттыгы менен баалуулугу да алар менен бирге параллель жана эриш-аркак түрүндө бир нече ирет көтөрүлүп, өсүп-өнүгүп олтурат.

3. Инсан өзүнүн өмүрүнүн да кыска, убактылуу, түбөлүк эмес экендигин түшүнгөндөй оъективдүү дүйнөдөгү реалдуу предметтердин баарынын назик экендигин байкап, алардын баарынын турум-турпат, тулку, табиятын ар дайым жана дамамат назик экендигин кенен таанып жана өсүп-өнүгүү принцибинин түбөлүк эмес экендигин көрүп, аны дамамат "жогору көтөрүп" алга коюп жашоо вазийпасы чоң мааниге ээ болуп олтурат. Чындыгындабүгүн, субъективдүү гана дүйнө эмес,объективдүү дүйнө менен турмуштагы ар бир көрүнүш, предметтин, ар биринин өздүк маани-маңызын (сущность), чен-өлчөмүн, предметтик сферасынын кымбаттыгын так, таамай баалап, аны жалпы адамзаттык жана жалпы адамгерчиликтен жогору көтөрүп таанып жашоо зарылдыгы эң негизги баскычка чыгып келе жатат. Назиктиктин табиятынын

олуттуулугу менен зарылдыгы адамдардан аны дагы да кенен жана терең балоомуктаждыгын талап кылып олтурат.

4. "Киши үч уктаса бир ирет да түшүнө кирбеген", кылымдар боюу "адилетсиздик адам баласынын каны-жаны менен бирге жашап келет, аны адам баласынын турмушунан бөлүп алып кароого болбойт"-деген күдүк ой, божомолдоолордун да бүгүн эскирип бара жаткандыгы далилденип келе жатат. Кылымдардан бери адамзат эңсеп келген реалдуулук менен идеалдуулуктун биримдиги да назиктикке байланыштуу болуп олтурат.Бул бүгүн турмуштун назиктиги- чындык экендиги (истина, правда:истинность) катары аныкталып-такталып тастыкталып олтурат.

5. Ошол эле учурда, назиктикбүгүнкү күнгө келип бейпил жашоонун адеп-ахлактыктын: сылыктык, боорукердик,мээримдүүлүккө каршы турган корс, одоно, зордук-зомбулук, адилетсиздиктерден да арылууну көздөп келе жатат. Ал адам баласынын өзүнүн да турмушунун чыныгы чыркыраган чындыгы экендигин-көрсөтүп олтурат. Бул ар бир аң-сезимдүү жана акыл-эстүү инсан индивиддердин максат, милдетинен келип чыгат. Ал кайра адам баласынын айлана-чөйрөсү- Жаратылыштын ар дайым жана дамамат "мол", "бай" кенен болушун каалайт. Жеке жана коомдук турмуштагы сулуулук менен асылдык адам баласынын турмушун канчалык бийик деңгээлге көтөрүп келген болсо, ал бүгүн назиктик менен бирге чындык, адилеттүүлүктүн салтанаты,турмуштун экономикалык, социалдык, ж.б. рухий-интеллектуалдык жагынан өсүп-өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүк түзүп берип олтурат.Экологиялык, аксиологиялык, идеялогиялык жагынан да камсыздандырууга негиз түзөт.

6. Бирок, тилекке каршы адам баласынын күдөлүк турмушундагы көп маселелер ушул күнгө чейин канаатандырарлык деңээлде чечиле элек. Ушул күнгө чейин биз адам баласы экономикалык, экологиялык, идеологиялык маселелердин көз карандысы болуп жашап келе жатабыз. Бул коом менен тарыхтын да "сокурдугун" жаратууда.

7.Ч.Айтматовдун көз карашынан айтканда бүгүн да бүткүл дүйнөдө согуш коркунучу (корстуктун очогу) жоюлду деп айтууга болбойт. Ал бүгүн да ар кандай жөнү жок шылтоолор менен себептерге таянып чүмбөттөнүп жашап келе жатат. Демек, бейпил, тунч турмуш, назиктик үчүн болгон күрөш бүгүн да биз күткөн деңгээлде болбой жатат. Адамзаттын тагдыры дагы эле анын коркунучунда калып олтурат.

8. Объективдүү жана реалдуу, жылуу мамиле гана чыныгы асыл, адамгерчиликтүүлүгүндө көптү өзүнө тартып, көпкө чейин жашап калат. Дүйнөлүк илимпоз, философ-эстетиктерибиз да мына кандай кырдаалды баштан кечирип келе жатат. Ушул учурга чейин так аныкталбай келген сулуулук менен асылдыктын жана корстуктун жашырын сыры да назик турмушта, кандайдыр бир деңгээлде өмүр менен жашоонун кыска же узундугу да назик кыймыл-аракет, назик мамиле, назик жашоого байланыштуу экендиги айкын-ачык болуп олтурат. Демек, жеке жана

pdfelement

коомдук турмуштагы сулуулук менен асылдык адам баласынын акыл-эсин, аң-сезимин жана эркин канчалык бийик деңгээлге көтөрүп келген болсо, бул назиктик менен чындыктын (правда жизни, истина) коомдук турмуштун да эң жогорку көрүнүшү, аны социалдык, онтологиялык, гносеологиялык, аксиологиялык, экологиялык ж.б. маселелерин баарын ийгиликтүү, чечкиндүү ишке ашырууга, аны мындан ары биротоло түзөтүп, оңдоого (совершенствовать) чоң мүмкүнчүлүк түзүлүп олтурат.

**Диссертация боюнча жарыяланган материалдар**

1.Тагаев Б.Т. Назиктик критериясы. [Текст] Б.Т.Тагаев // Илим, инновациялар жана турмуш. – Бишкек: 2004. №2, 69-72-б.

2.Тагаев Б.Т. Назиктик функциясы. [Текст] Б.Т.Тагаев // Научный журнал национальной аттестационной комиссии КР “Известия Вузов” – Бишкек: Философия.2004. № 6, 75-83-б.

3.Тагаев Б.Т. Комуз күүлөрү жана назиктик. [Китепте: Мамлекеттик тилдин теориялык жана практикалык маселелери.] Бишкек: 2005. 148-164-б.

4.Тагаев Б.Т. “Жамийла” повестиндеги назиктик. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. 5-чыгарылышы. Гуманитардык илимдер. – Бишкек: 2007. 75-80-б.

5.Тагаев Б.Т. Назиктик жана маалымат. Маалымат маалымындагы назиктик. [Текст] Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. 1-серия. 5-чыгарылышы. Гуманитардык илимдер. Литература – Бишкек: 2007. 106-113-б.

6.Тагаев Б.Т. “Ак кеме” повестиндеги Назиктик маселеси (Момун жана момунчулук) [Текст] Б.Т.Тагаев Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1.5-чыгарылышы. Гуманитардык илимдер.- Бишкек: 2007. 287-292-б.

7.Тагаев Б.Т. Элдик ырлардын элдик сырлары. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. 5-чыгарылышы. Гуманитардык илимдер. – Бишкек: 2007. 292-298-б.

8.Тагаев Б.Т. Эмгек ырларынын табияты. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. 5-чыгарылышы. Литература. Методика преподования литературы – Бишкек: 2008. 81-87-б.

9.Тагаев Б.Т. “Ак кеме” повестиндеги Назиктик маселеси. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Ч.Айтматовдун 80 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциянын материалдары. - Бишкек: 2008.189-197-б.

1О. Тагаев Б.Т. Турмуштук айрым кырдаалдар жана назиктик. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Социалдык гуманитардык илимдер. Научные сообщения. – Бишкек: Серия 1.2-чыгарылышы. 2009. 135-139-б.

11. Тагаев Б.Т. Назиктик маселеси антикалык доордо. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Междисциплинарность и

преподавании языков. Материалы региональной практической конференции. Выпуск 4. –Бишкек: 2010. – С. 256-260.

12.Тагаев Б.Т. Ч. Айтматовдун көркөм эстетикалык системасы. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Междисциплинарность и преподавании языков. Материалы региональной практической конференции. Серия 7. Выпуск 4. –Бишкек: 2010. – С. 260-265.

13.Тагаев Б.Т. Адам өзүн даңазалайт. [Текст] Б.Т.Тагаев // Известия Вузов. История. Философия. Социология. –Бишкек: 2011. №3. –С. 194-197.

14.Тагаев Б.Т. Мезгил кырындагы –сентиментализм. [Текст] Б.Т.Тагаев // Научный журнал Министерство образоввания и науки КР “Наука и новые технологии”.-Бишкек: 2011. №3. –С. 189-193.

15.Тагаев Б.Т. Назиктиктин көтөрүңкүлүүлүк менен байланышы. [Текст] Б.Т.Тагаев // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Многоязычие в поликультурном обществе. Спец.выпуск.-Бишкек: 2011. 203-210-б.

16. Тагаев Б.Т. Пифагорчулар карманган гармония. [Текст] Б.Т.Тагаев // Социальные и гуманитарные науки. История. Философия. –Бишкек: №1-2. 15-18-б.

17.Тагаев Б.Т. Назиктик эстетикалык категория катары. [Текст] Б.Т.Тагаев // Жогорку окуу жайларынын гуманитардык факультеттеринин адис окутуучулары, аспиранттары, магистранттары жана студенттери үчүн окуу китеби. –Бишкек: 2011.-84-б. (5,25 басма табак).

18.Тагаев Б.Т.Назиктикти маданияттуулуктун бир көрүнүшү.[Текст] Б.Т.Тагаев // Вестник КНУ. Инновационные технологии обучения как фактор обеспечения высогого качества образования: опыт иимоп кну им.Ж.Баласыгына. Спец. Выпуск часть 2. Бишкек:2О15. С.214-218.

19.Тагаев Б.Т. Критерии нежности. [Текст] Б.Т.Тагаев //Научный журнал Министерства образования и науки Республика Казахстан “Поиск” Искусствоведение. Философия.-Алматы: 2011. №4,-С.174-177.

2О.Тагаев Б.Т. Улуу комузчу (Музыковеддик иликтөө). [Текст] Б.Т.Тагаев // К.Орозовдун классикалык күүлөрү жана музыкалык-эстетикалык чыгармачылыгы жөнүндө “Эл агартуу” –Бишкек: 2005. №3-4.63-71-б.

21.Тагаев Б.Т. Элдик оозеки чыгармачылыктагы трагизм. [Текст] Б.Т.Тагаев // Китепте: Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы трагедиялуулук. 1-глава. –Бишкек: Бийиктик.-14-60-б.

22.Тагаев Б.Т. Человек прославляет самого себя. [Текст] Б.Т.Тагаев // Научный журнал Министерство образовании и науки Республика Казахстан “Поиск”. Серия гуманитарных наук. –Алматы: 2012.№2, -С.147-151.

23.Тагаев Б.Т. Выражение возвышенного и нежного в устном творчестве. [Текст] Б.Т.Тагаев // Научный журнал Министерство образовании и науки Республика Казахстан “Поиск”. Философия. Культурология. Архитектура. –Алматы: 2012. №3, -С.157-162.

24. Тагаев Б.Т. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси. [Текст] Б.Т.Тагаев // Монография. –Бишкек: “Бийиктик” -283-б.

pdfelement

25.Тагаев Б.Т. Назиктиктин барктуулугу эмнеде. [ Текст] / Б.Т.Тагаев // Гуманитарные проблемы современности. 2О-чыгарылышы. КРнин УИАнын Философия жанасаясый-укуктук изилдөөлөр институту.-Бишкек,2О14.-685-693-б.

**Тагаев Бегалынын**

«Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси» деген темада 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулуук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

**резюмеси**

- **Түйүндүү сөздөр:**Назиктик, баалуулук (бедер), жакшылык, маданият, жароокердик, жагымдуулук,тартып алуучу, кызыктыруучу (кызыктыруучулук), пайда көздөбөөчүлүк, көркөм (көркөмдүүлүк), симметрия, пропорция, гармония, асылдык, сулуулук, көтөрүңкүлүүлүк, боорукердик, осолдук, пастык, трагедия (трагедиялуулук), келбеттүүлүк, суктандыруучулук, баатырдык, сылыктык, орой (оройлук), мээримдүүлүк ж.б.
- **Изилдөөнүн объектиси:** Доорубуздун даанышман жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы назиктик маселеси,анын көркөм-эстетикалык, коомдук-философиялык жана моралдык-нравалык көз карашындагы орду,назиктиктин табияты алынды.
- **Изилдөөнүн негизги максаты:**Ушул күнгө чейин адам баласы объективдүү дүйнөнү жалгыз сулуугу боюнча гана байкап, сулуулугу боюнча гана кабылдап, баалап келген болсо бүгүн анын сулуулугу, асылдыгы менен эле чектелбестен, назиктигин да таанып билүү зарылдыгы чыгып келип олтурат. Бүгүн илимий-техникалык жана маалыматтык доордо жер, суу жана аба эле эмес, бүткүл ай-аалам, жан-жаныбарлар, канаттуулар, өсүмдүктөр да, ар бир предмет, ар бир буюм-тайымдар да, бул дүйнөдөгү эң назик, эң кымбат, эң баалуу көрүнүшкө айланды. Эмгекти изилдөөнүн башкы максаты объективдүү реалдуу дүйнөнүн мына ушул чексиз кымбат жана баалуу назиктигин кенен таанууда турат.
- **Диссертация теориялык жана методологиялык жагынан** байыркы Чыгыш жана антикалык доордун акылмандарынын, XVII-XX кылымдарда кенен өрүш алган атактуу философдор менен эстетиктердин эмгектерине, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына жана Ч.Айтматовдун өзүнүн атактуу повесттери менен романдарындагы материалдарга негизденип жазылды.
- **Эмгектин жаңылыгы:**Объективдүү дүйнөнү реалдуу кабылдап, реалдуу таанууда чоң проблема катары көрүнгөн назиктик маселесинин критериялык, функционалдык,көркөм-эстетикалык принциптик табияты жана эстетикалык-философиялык категориалдык-түшүнүктүк табиятына алгачкы жолу көңүл бурулуп,талданып олтурат. Ортолук Азияда, боордош, тектеш элдердин адабияты менен искусствосунда эле эмес, эстетикасы менен философиясында анын сыртындагы аймактарда жашаган элдердин илимий чыгармачылыгында да биринчи жолу сөз болуп олтурат.
- **Иштин илимий жыйынтыктары менен корутундуларын** кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын, адисттик адабияты менен искусствосунун, эсте-

тикасы менен тарыхынын, маданиятынын теориясын өздөштүрүүчү материалдарга, боордош элдердин чыгармачылыгын үйрөнүүчү лекция, докладдарда кенен пайдаланууга болот. Бул доорубуздун залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармачылык чеберчилигинин деңгээлин, бүгүнкү доордун эң негизги көйгөйлүү маселелерин чагылткан повесть, романдарынын турмуштагы орду менен ролун аныктап келе жатат.

pdfelement

**РЕЗЮМЕ**
**диссертационной работы Тагаева Бегалы на тему**
**«Проблема нежности в творчестве Ч.Айтматова», написанной**
**на соискание ученой степени доктора философских наук**
**по специальности 09.00.11 – социальная философия**

- **Ключевые слова**: нежность, ценность, добро (доброта), культура, ласковость, приятность, притягательность, заинтересованность, бескорыстие, художественность, симметрия, пропорция, гармония, прекрасное, красота, возвышенное, безобразное, низменное, трагедия, статность, восхищение, героическое,вежливый (вежливость), сердебольный (сердебольность), грубый (губость), благосклонность (любвеобильность) т.д.
- **Объект исследования:** Проблема изящности в художественно-эстетическом, общественно-философском и морально-нравственном взгляде мудрого писателя нашей эпохи Ч.Айтматова.
- **Основная цель исследования:** Если до наших дней человечество наблюдало объективный мир только по красоте, и воспринимал, оценивал его через красоту, то на сегодняшний день появилась необходимость не только ограничиваться его красотой, но и осознать его нежность. И в научно-технический и информационный век, не только земля, вода и воздух, Вселенная, животные, птицы, растительность, но и каждый предмет, каждое вещество и вещи тоже превратились в самое нежное, в самое дорогое, и в самое ценное явление. Главная цель данного исследования состоит именно в широком познании бесконечно дорогой и ценной нежности данного объективно реального мира.
- **Диссертация с точки зрения теории и методологии** была написана основываясь, на мироздание мыслителей древнего востока и античного мира, на труды широко известных знаменитых философов и эстетиков XVII-XIX веков, на устное творчество кыргызского народа и на материалы популярных повестей и романов самого Ч.Айтматова.
- **Новизна труда:** впервые было обращено внимание на вопрос нежности, которая казалось большой проблемой при реальном восприятии объективного мира и его познания реального, и на ее критическую, функциональную, художественно-эстетическую и принципиальную природу, на ее эстетически-философическую категориально - понятийную природу, об этом говорится впервые не только в литературе и искусстве родственных народов и народов Средней Азии за ее пределами, но и в научном творчестве.
- **Научные выводы и результаты работы** можно использовать в материалах устного творчества кыргызского народа, в материалах освоения специальной литературы и искусства, теории эстетики и истории, культуры на лекциях, докладах по изучению творчества родственных народов. Это определяет творческую деятельность великого писателя нашей современности Ч. Айтматова и роль его повестей и романов в жизни, которые отражали самые основные проблемные вопросы нашего века.

pdfelement

## SUMMARY
## of the thesis of Tagaev Begaly on theme: "Problem of Tenderness in the Works of C. Aitmatov" written for the degree of Doctor of Philosophy with a specialization in 09.00.11 – Social Philosophy


- **Keywords:** tenderness, (fondness), valuable, good, culture, endearment (affection), pleasentness, attraction, interest, unselfishness, artistry, symmetry, proportion, harmony, excellent (splendid), beauty (beautiful), lofty (sublime) ugly (shameful), lowly, tragedy, loftiness, admiration, heroic, polite, kind (good-hearted), rudeness, favourable (belevolent, well-disposed) etc.
- **Study Object:** Problem of tenderness in art-aesthetic, social-philosophic, and moral and ethical view of the wise writer of our time Ch. Aitmatov.
- **Main Objective of Study:** If to the present humanity watched the objective world only by beauty and perceived, evaluated it through beauty, nowadays there is a need not only be limited by its beauty, but also to understand its tenderness. Not only the earth, water and air, the Universe, animals, birds, flora, but every object, every agent and things are also turned into the tenderness, the most expensive and the most valuable event in age of science, technology and information. The main objective of this study is just a broad knowledge of the infinitely precious and valuable tenderness of the objectively real world.
- **Thesis in terms of theory and methodology** has been written based on the universe of the Ancient Near East and the ancient world thinkers, the works of well-known philosophers and aestheticians of XVII-XIX centuries, the oral tradition of the Kyrgyz people and on the materials of popular stories and novels of Ch. Aitmatov.
- **Novelty of the Work:** for the first time an attention was drawn to the tenderness that seemed a big problem with the actual perception of the objective world and its knowledge of the real, and to its critical, functional, artistic, aesthetic and fundamental nature, to its aesthetic and philosophical, categorical and conceptual nature; it is talked of, for the first time, not only in literature and art of the related peoples and peoples of Central Asia and beyond but also in scientific creativity.
- **Research findings and work results** can be used in materials of oral traditions of the Kyrgyz people, in the materials of development of special literature and art, theory of aesthetics and history, culture in lectures, reports on the study of creativity of the related peoples. This determines the creativity of the great writer of our time Ch. Aitmatov and role of its stories and novels in life that reflect the most major issues of our age.


pdfelement

Басууга кол коюлду 25.03.2015
Форматы: 60x84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү: 3,18  б.т.            Нускасы: 100

«Maxprint» басмасында басылды.

Адрес: 720045, Бишкекшаары, Ялтакөчөсү114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail:maxprint@mail.ru

pdfelement